№31-32

2016

# НАКР

## НОРМАТИВНЫЕ АКТЫ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

Подписной индекс: 77397

Журнал для руководителей, бухгалтеров и юристов

**В НОМЕРЕ:**

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси
- Кыргыз Республикасындагы бюджеттик укуктун негизги принциптери жөнүндө мыйзам
- Бюджетный кодекс Кыргызской Республики
- Закон об основных принципах бюджетного права в Кыргызской Республике

ISSN 1694-5123

ЖУРНАЛ ДЛЯ РУКОВОДИТЕЛЕЙ, БУХГАЛТЕРОВ И ЮРИСТОВ

08.08.16

№ 31-32

2016

www.academy.kg

# НОРМАТИВНЫЕ АКТЫ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

Журнал издается с 1993 года Выходит еженедельно № 31-32 (828-829)

# СОДЕРЖАНИЕ

## ЖОГОРКУ КЕНЕШ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси**
(2016-жылдын 16-майы № 59)

**I БӨЛҮМ**. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

**1-глава**. Негизги түшүнүктөр жана Бюджеттик кодексинин укуктук негиздери ... 3

**II БӨЛҮК**. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БЮДЖЕТТИК ТУТУМУ

**2-глава**. Жалпы жоболор ... 6

**3-глава**. Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутуму ... 7

**III БӨЛҮМ**. РЕСПУБЛИКАЛЫК ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ БЮДЖЕТТЕРДИН ТҮЗҮМҮ

**4-глава**. Бюджеттердин түзүмү ... 8

**IV БӨЛҮМ**. БЮДЖЕТТИК ИНВЕСТИЦИЯЛАР

**5-глава**. Бюджеттик инвестициялар ... 11

**V БӨЛҮМ**. СОЦИАЛДЫК ФОНДДУН ЖАНА МИЛДЕТТҮҮ МЕДИЦИНАЛЫК КАМСЫЗДАНДЫРУУ ФОНДУНУН БЮДЖЕТТЕРИНИН ТҮЗҮМҮ

**6-глава**. Социалдык фондунун бюджетинин түзүмү ... 13

**7-глава**. Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун түзүмү ... 13

**VI БӨЛҮМ**. БЮДЖЕТ АРАЛЫК МАМИЛЕЛЕР

**8-глава**. Бюджет аралык мамилелердин жалпы жоболору жана принциптери ... 14

**9-глава**. Республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин ортосунда кирешелерди бөлүштүрүү ... 14

**10-глава**. Өкмөт менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосунда чыгаша милдеттенмелеринин бөлүнүшү ... 16

**11-глава**. Бюджет аралык жөнгө салуу аспаптары ... 16

**12-глава**. Бюджеттик ссудалар ... 17

**VII БӨЛҮМ**. МАМЛЕКЕТТИК ЖАНА МУНИЦИПАЛДЫК КАРЫЗ

**13-глава** Өкмөт тарабынан карызга алуу ... 18

**14-глава**. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан карызга алуу ... 19

**VIII БӨЛҮМ**. БЮДЖЕТТИК ПРОЦЕССТИН КАТЫШУУЧУЛАРЫНЫН ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫ

**15-глава**. Мамлекеттик органдардын ыйгарым укуктары ... 19

**16-глава**. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктары ... 23

**IX БӨЛҮМ**. БЮДЖЕТТИК ПРОЦЕСС

**17-глава**. Бюджеттик процесстин негиздери ... 24

**18-глава**. Фискалдык саясаттын негизги багыттары жана аймактарды өнүктүрүү программалары ... 25

**19-глава**. Бюджеттер долбоорлорун түзүү ... 27

**20-глава**. Бюджеттерди кароо жана бекитүү ... 29

**21-глава**. Бюджеттерди аткаруу ... 31

**22-глава**. Эсепке алуу жана отчеттуулук ... 36

**23-глава**. Мамлекеттик ички каржылык контроль жана аудит ... 38

**24-глава**. Бюджеттин жана бюджеттик процесстин айкындуулугу жана ачыктыгы ... 38

**25-глава**. Каржылык тартип бузгандыгы үчүн жоопкерчилик ... 39

**X БӨЛҮМ**. КОРУТУНДУ ЖОБОЛОР

**26-глава**. Корутунду жоболор ... 40

**Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексин колдонууга киргизүү жөнүндө**
(2016-жылдын 16-майындагы № 60 Мыйзам) ..... 41
**Кыргыз Республикасындагы бюджеттик укуктун негизги принциптери жөнүндө**
(1998-жылдын 11-июнундагы № 78 Мыйзам) ..... 43
**Бюджетный кодекс Кыргызской Республики**
(от 16 мая 2016 года № 59)
**РАЗДЕЛ I.** ОБЩИЕ ПОЛОЖЕНИЯ
**Глава 1.** Основные понятия и правовые основы Бюджетного кодекса Кыргызской Республики ..... 61
**РАЗДЕЛ II.** БЮДЖЕТНАЯ СИСТЕМА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
**Глава 2.** Общие положения ..... 64
**Глава 3.** Бюджетная система Кыргызской Республики ..... 65
**РАЗДЕЛ III.** СТРУКТУРА РЕСПУБЛИКАНСКОГО И МЕСТНЫХ БЮДЖЕТОВ
**Глава 4.** Структура бюджетов ..... 66
**РАЗДЕЛ IV.** БЮДЖЕТНЫЕ ИНВЕСТИЦИИ
**Глава 5.** Бюджетные инвестиции ..... 68
**РАЗДЕЛ V.** СТРУКТУРА БЮДЖЕТОВ СОЦИАЛЬНОГО ФОНДА И ФОНДА ОБЯЗАТЕЛЬНОГО МЕДИЦИНСКОГО СТРАХОВАНИЯ
**Глава 6.** Структура бюджета Социального фонда ..... 70
**Глава 7.** Структура Фонда обязательного медицинского страхования ..... 71
**РАЗДЕЛ VI.** МЕЖБЮДЖЕТНЫЕ ОТНОШЕНИЯ
**Глава 8.** Общие положения и принципы межбюджетных отношений ..... 71
**Глава 9.** Распределение доходов между республиканским и местными бюджетами ..... 72
**Глава 10.** Распределение расходных обязательств между Правительством и органами местного самоуправления ..... 73
**Глава 11.** Инструменты межбюджетного регулирования ..... 74
**Глава 12.** Бюджетные ссуды ..... 74
**РАЗДЕЛ VII.** ГОСУДАРСТВЕННЫЙ И МУНИЦИПАЛЬНЫЙ ДОЛГ
**Глава 13.** Заимствование Правительством ..... 75
**Глава 14.** Заимствование органами местного самоуправления ..... 76
**РАЗДЕЛ VIII.** ПОЛНОМОЧИЯ УЧАСТНИКОВ БЮДЖЕТНОГО ПРОЦЕССА
**Глава 15.** Полномочия государственных органов ..... 76
**Глава 16.** Полномочия органов местного самоуправления ..... 80
**РАЗДЕЛ IX.** БЮДЖЕТНЫЙ ПРОЦЕСС
**Глава 17.** Основы бюджетного процесса ..... 81
**Глава 18.** Основные направления фискальной политики и программы развития территорий ..... 81
**Глава 19.** Формирование проектов бюджетов ..... 84
**Глава 20.** Рассмотрение и утверждение бюджетов ..... 86
**Глава 21.** Исполнение бюджетов ..... 88
**Глава 22.** Учет и отчетность ..... 92
**Глава 23.** Государственный внутренний финансовый контроль и аудит ..... 94
**Глава 24.** Гласность и прозрачность бюджета и бюджетного процесса ..... 94
**Глава 25.** Ответственность за нарушение финансовой дисциплины ..... 95
**РАЗДЕЛ X.** ЗАКЛЮЧИТЕЛЬНЫЕ ПОЛОЖЕНИЯ
**Глава 26.** Заключительные положения ..... 96
**О введении в действие Бюджетного кодекса Кыргызской Республики**
Закон КР от 16 мая 2016 года № 60 ..... 96
**Об основных принципах бюджетного права в Кыргызской Республике**
Закон КР от 11 июня 1998 года № 78 ..... 98

Подписка принимается во всех почтовых отделениях республики. Стоимость подписки на 2-ое п/г 2016 г. = 4 004 с. 29 т.

**Учредитель:**
Издательство "Академия"
Журнал зарегистрирован в Министерстве юстиции Кыргызской Республики. Регистрационное свидетельство № 559

**Адрес редакции:** 720071, г. Бишкек, пр. Чуй, 265А, к. 322а
**Телефон:** (312) 39-20-55, 64-26-50
**Отдел подписки и оптовых продаж:** (312) 64-26-51
**Отдел рекламы:** (312) 64-63-14

Подписано к печати 02.08.2016 в 8 ч. 30 мин.
Печать офсетная.
Формат 60х84 1/8. Усл.печ.л. 14,0.
Отпечатано в ОсОО "Арип-Пресс", г. Бишкек, Кыргызская Республика

**© Издательство «Академия», 2016**
**© «Нормативные акты КР», 2016**
**© ИЦ «Токтом», 2016**



# ЖОГОРКУ КЕНЕШ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси

*(2016-жылдын 16-майындагы № 60 Мыйзамы менен колдонууга киргизилүүдө)*

Ушул Кодекс республикалык, жергиликтүү бюджеттерди, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджеттерин (мындан ары - Социалдык фонд), Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджеттерин (мындан ары - Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду) түзүү, кароо, бекитүү, тактоо жана аткаруу процессинде мамлекеттик каржыларды башкаруу чөйрөсүндө келип чыгуучу мамилелерди укуктук жөнгө салуунун негиздерин белгилейт, бюджеттик процесстин катышуучуларынын статусун белгилейт, бюджеттик мыйзамдарды бузгандыгы үчүн жоопкерчиликтин укуктук негизин аныктайт.

### I БӨЛҮМ. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

#### *1-глава. Негизги түшүнүктөр жана Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин укуктук негиздери*

**1-берене. Бюджеттик укуктук мамилелер**

Бюджеттик укуктук мамилелерге төмөнкүлөр кирет:

1) бюджеттердин кирешелерин түзүү жана чыгашаларды жүзөгө ашыруу, мамлекеттик жана муниципалдык карызга алууларды жүзөгө ашыруу, мамлекеттик жана муниципалдык карызды жөнгө салуу процессинде келип чыгуучу мамилелер;

2) бюджеттердин долбоорлорун түзүү жана карoo, бюджеттерди бекитүү, тактоо жана бюджеттерди аткаруу, алардын аткарылышын контролдоо, эсепке алууну жүргүзүү, бюджеттик отчеттуулукту түзүү, карoo жана бюджеттик отчеттуулукту бекитүү процессинде бюджеттик процесстин катышуучуларынын ортосунда келип чыгуучу мамилелер.

**2-берене. Ушул Кодексте пайдаланылуучу негизги түшүнүктөр жана терминдер**

1. Ушул Кодексте төмөнкүдөй терминдер жана түшүнүктөр колдонулат:

1) **бюджет ресурстарынын администратору** - Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумунун бюджеттерин чегерүү, жыйноо, эсепке алуу жана салыктык, салыктык эмес кирешелерин (ресурстарын) чегерүүнүн тууралыгын, толуктугун жана өз убагындалуугун контролдоо боюнча бир же ишмилдеттердин жыйындысын жүзөгө ашыруучу мамлекеттик орган же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы, ошондой эле анын түзүмдүк, ведомстволук караштуулуктагы бөлүкчөлөрү;

2) **активдер** - өткөн мезгилдердеги операциялардын натыйжаларында мамлекеттик, муниципалдык менчикке алынган, баалуулук наркына ээ болгон мүлктүк жана мүлктүк эмес жыргалчылыктар жана укуктар;

3) **бюджет** - мамлекеттин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун милдеттерин жана ишмилдеттерин каржылык камсыз кылуу үчүн арналган акча каражаттарын түзүүнүн жана чыгашалоонун тариэи;

4) **бюджеттик резолюция** - орто мөөнөттүү мезгилге бюджеттик саясаттын негизги багыттары жана республикалык бюджеттин долбоорун иштеп чыгууда Кыргыз Республикасынын Өкмөтү (мындан ары - Өкмөт) үчүн багыт болуп саналган, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши (мындан ары Жогорку Кеңеш) тарабынан аныкталуучу мамлекеттик бюджеттин артыкчылыктары;

5) **бюджеттик тутум** - бюджеттик процессти жүзөгө ашыруунун жүрүшүндө келип чыгуучу укуктун ченемдери менен регламенттелүүчү мамилелердин тутуму, ошондой эле Кыргыз Республикасынын экономикалык мамилелерине жана мамлекеттик түзүлүшүнө негизделген республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин жана Социалдык фонддун жана Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджеттеринин жыйындысы;

6) **бюджеттик смета** - бюджеттик мекеменин кирешелеринин жана чыгашаларынын көлөмүн квартал боюнча бөлүштүрүү менен бюджеттик классификацияга ылайык аныктоочу документ;

7) **бюджеттик милдеттенме** - бюджеттик каражаттарды алуучунун бюджет жөнүндө ченемдик укуктук актыларга, келишимге же макулдашууга ылайык белгилүү милдеттерди аткарууну камсыз кылуу милдеттенмеси;

8) **бюджеттик мекеме** - бул иши тиешелүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен каржылануучу, башкаруучулук, социалдык-маданий, илимий-техникалык же коммерциялык эмес мүнөздөгү башка ишмилдеттерди жүзөгө ашыруу үчүн мамлекеттик орган же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы тарабынан түзүлгөн мамлекеттик орган, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы же мекеме;

9) **бюджеттик ассигнованиелер** - тиешелүү жылга анын бөлүштүрүлүшүнө ылайык бюджеттик милдеттенмелерди аткаруу үчүн бюджет менен каралган акча каражаттары;

10) **бюджеттик насыя** - кайтарып берүү, мөөнөттүүлүк жана акы төлөөчүлүк шарттарында бюджеттик каражаттарды алуучуга республикалык бюджеттен жана жергиликтүү бюджеттен бөлүнүп берилүүчү акча каражаттары;

11) **бюджеттик процесс** - Кыргыз Республика-

сынын мыйзамдары менен регламенттелген бюджеттердин долбоорлорун түзүү жана кароо, бюджеттерди бекитүү, тактоо жана аткаруу, эсеп алууну жүргүзүү жана отчеттуулукту түзүү, каржылык башкаруу жана контролдоо боюнча иш;

12) **бюджеттик каражаттардын башкы тескөөчүсү** - бюджет жөнүндө ченемдик укуктук актылар менен аныкталган, бюджеттик каражаттарды бөлүштүрүүчүлөр менен алуучулардын ортосунда бюджеттик ассигнованиелерди бөлүштүрүү боюнча ыйгарым укуктарга ээ болгон мамлекеттик орган же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы;

13) **мамлекеттик кепилдик** - Өкмөт зайымчы милдеттенмелерди белгиленген мөөнөттө аткарбаганда же талаптагыдай аткарбаганда насыя берүүчүлөрдүн алдында карызды толугу менен же жарым-жартылай тындырууга милдеттенген жазуу жүзүндөгү милдеттенме;

14) **мамлекеттик (муниципалдык) баалуу кагаздар** - Өкмөттүн (жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын) атынан бюджетти болжолдоо жана аткаруу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган (жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органы) тарабынан эмитенттелүүчү баалуу кагаздар;

15) **мамлекеттик каржы** - экономикалык мамилелердин жыйындысы, өз органдарын күтүү жана өзүнө тиешелүү иш-милдеттерди аткаруу үчүн мамлекетке зарыл болгон акча фонддорун түзүүнүн жана бөлүштүрүүнүн тутуму;

16) **мамлекеттик тышкы карыз** - Кыргыз Республикасынын белгилүү бир датага Кыргыз Республикасынын насыя берүүчүлөрүнүн-резидент эместеринин алдындагы өздөштүрүлгөн жана тындырылбаган мамлекеттик тышкы зайымдарынын же башка карыздык милдеттенмелеринин суммасы болгон мамлекеттик карыздын курамдык бөлүгү;

17) **мамлекеттик тышкы зайым** - аларда Кыргыз Республикасынын резиденти эмеси насыячы болуп чыккан, ал эми Кыргыз Республикасынын атынан Өкмөт зайымчы болуп чыккан насыялык макулдашуу боюнча же башка карыздык милдеттенмелер боюнча мамилелер;

18) **мамлекеттик ички карыз** - Кыргыз Республикасынын белгилүү бир датага Кыргыз Республикасынын насыя берүүчүлөрүнүн-резиденттеринин алдындагы өздөштүрүлгөн жана тындырылбаган ички зайымдарынын же башка карыздык милдеттенмелеринин суммасы болгон мамлекеттик карыздын курамдык бөлүгү;

19) **мамлекеттик ички зайым** - аларда Кыргыз Республикасынын резиденти насыячы болуп чыккан, ал эми Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын атынан Өкмөт жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары зайымчы болуп чыккан насыялык макулдашуу боюнча же башка карыздык милдеттенмелер боюнча мамилелер;

20) **мамлекеттик карыз** - мамлекеттин насыялык макулдашуусу боюнча же башка карыздык милдеттенмелери боюнча белгилүү бир датага Кыргыз Республикасынын өздөштүрүлгөн жана тындырылбаган ички жана тышкы мамлекеттик карызынын жалпы суммасы;

21) **грант** - Кыргыз Республикасынын мамлекеттик уюмдарына донорлор тарабынан берилүүчү акысыз каржылык же техникалык жардам, ошондой эле республикалык бюджеттен жергиликтүү бюджеттерге акысыз жана кайтарымсыз берилген акча каражаттары (трансферттер);

22) **депозиттик суммалар** - бюджеттик каражаттарды башка тескөөчүлөрдүн (тескөөчүлөрдүн, алуучулардын) убактылуу тескөөсүнө келип түшүүчү жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларында каралган шарттар келгенде ал каражаттарды берген субъекттерге кайтарып берилүүгө же арналышы боюнча өткөрүп берүүгө жаткан каражаттар;

23) **карыздык милдеттенме** - баалуу кагаздар, насыялык макулдашуулар, насыялык келишимдер, келишүүлөр жана башка милдеттенмелер боюнча кагаз түрүндө жана/же электрондук түрдөгү жазуудагы белгилүү бир акча каражаттарын карызга алуунун же болбосо тиешелүү суммаларды же келишимде айтылган товарларды жана/же кызмат көрсөтүүлөрдү толугу менен же жарым-жартылай ордун толтуруу милдеттенмеси менен товарларды жана/же кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу фактысын белгилөөчү милдеттенмелердин бардык түрлөрү;

24) **жергиликтүү бюджеттин кирешелик дарамети** - экономикалык өнүгүүнүн деңгээлине, экономиканын түзүмүнө, ошондой эле салыктык базага негизденип, алынышы мүмкүн болгон жергиликтүү бюджеттердин кирешелерине баа берүү;

25) **зайым** - белгилүү бир шарттарда Кыргыз Республикасынын резиденттерине насыялык макулдашуунун негизинде ички же чет өлкөлүк насыя берүүчүлөр тарабынан карызга берилүүчү акча каражаттары, материалдык баалуулуктар, кызмат көрсөтүүлөр;

26) **карызга алуу** - зайым каражаттарын тартуунун зарылдыгы жөнүндө чечимди кабыл алуу; зайымды тартуунун, пайдалануунун, тындыруунун жана тейлөөнүн тартибин жана шарттарын аныктоо жол-жоболорун; сүйлөшүүлөрдүн; милдеттенмелерди аткаруунун кепилдиктеринин; зайым боюнча тиешелүү документтерди жол-жоболоштурууну жана кол коюунун; зайым келишимин ратификациялоонун (мамлекеттик тышкы карызга алууда); зайым каражаттарын алуунун, пайдалануунун; тараптардын милдеттенмелерди аткаруусун эсепке алууну, контролдоону жана талдоону кошуп алганда, зайымды тындыруунун жана тейлөөнүн жол-жобосун өзүнө камтыган процесс;

27) **корголгон беренелер** - биринчи кезектеги тартипте каржылоого сунуш кылынган жана кыскартылууга жатпаган чыгашалардын экономикалык классификациясынын беренелери: эмгек акы, Социалдык фондго төгүмдөр, медикаменттерди жана жана медициналык багыттагы буюмдарды сатып алууга, тамак-аш азыктарын сатып алууга, социалдык камсыз кылуу боюнча жөлөкпулдарга, калкка социалдык жардам боюнча жөлөкпулдар, стипендиялар;

28) **чет өлкөлүк насыя берүүчүлөр** - макулдашуулар же башка карыздык милдеттенмелер боюнча каражаттарды берүүчү Кыргыз Республикасынын резиденти эместер;

29) **контролдук цифралар** - алардын негизинде бюджеттик мекемелердин чыгашаларын түзүү жүзөгө ашырылган бюджеттик каражаттарынын жогорку чегинин көрсөткүчү;

30) **насыялык макулдашуу** - акча каражаттары, материалдык баалуулуктар, кызмат көрсөтүүлөр таризинде зайым алуу максатында түзүлгөн жана аларды кайтарып берүү, пайыздарды жана башка сарптоолорду төлөө боюнча шарттарды камтыган зайымчы менен насыячынын ортосундагы келишим болуп саналган юридикалык документ;

31) **бюджеттик милдеттенмелердин лимити** - алуучу тарабынан бюджеттик милдеттенмелерди аткаруу үчүн бюджеттик каражаттардын чектик чеми;

32) **эл аралык келишим** - Кыргыз Республикасынын бир же бир нече мамлекеттер, эл аралык уюмдар же эл аралык укуктун башка субъекттери менен эл аралык мамилелер жаатындагы укуктарга жана милдеттенмелерге карата тең укуктуу жана ыктыярдуу макулдашуусу;

33) **резидент эмес** - Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары туруктуу жашаган жери же туруктуу жашаган орду бар, чет өлкөлүк мамлекеттердин мыйзамдарына ылайык катталган жана түзүлгөн юридикалык же жеке жак;

34) **каржылык эмес активдер** - бул мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын пайдалануусунда жана карамагында болгон, аларды пайдалануунун же сактоонун натыйжасында аларга реалдуу же болбосо потенциалдуу экономикалык пайдаларды белгилүү мезгилдин ичинде алып келүүчү объекттер;

35) **расмий трансферттер** - үзгүлтүксүз эмес, бир жолку, ыктыярдуу мүнөздөгү, мамлекеттик башкаруунун башка органдарынан (резиденттерден жана резидент эместерден) же эл аралык уюмдардан алынган акысыз, кайтарылып берүүсүз түшүүлөр;

36) **кезектеги бюджеттик жыл** - учурдагы бюджеттик жылдан кийинки жыл;

37) **бюджеттик каражаттарды алуучу** - Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын, тиешелүү органдын чечиминин же келишимдин негизинде бюджеттик каражаттарды алууга укуктуу жана аларды пайдалануу жана эсепке алуу үчүн жооптуу бюджеттик же башка мекеме;

38) **болжолдонуучу мезгил** - кезектеги бюджеттик жылдан кийинки эки жыл;

39) **бюджеттик каражаттарды тескөөчү** - бюджеттик каражаттардын башкы тескөөчүсүнүн карамагында болгон, бюджеттик каражаттардын башкы тескөөчүсүнөн бюджеттик ассигнованиелерди алуучу мамлекеттик орган, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы же мекеме;

40) **мамлекеттик башкаруу сектору** - бул тиешелүү бюджеттердин каражаттарынын эсебинен каржылануучу мамлекеттик органдардын, мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жана пенсиялык камсыз кылуу органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, алардын караштуулугундагы уюмдардын, мекемелердин жыйындысы;

41) **Кыргыз Республикасынын фискалдык жана инвестициялык саясаты боюнча Өкмөттүк кеңеши (мындан ары - Өкмөттүк кеңеш)** - Кыргыз Республикасынын фискалдык жана инвестициялык саясатынын негизги багыттарын, Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумунун бюджеттеринин долбоорун жана аларды секвестрлөөнү кароо, бюджеттик каражаттардын башкы тескөөчүлөрдүн бюджеттик көрсөткүчтөрү жана аларды түзүүдө пикир келишпестиктер боюнча макулдашылган чечимдерди кабыл алуу үчүн Өкмөт тарабынан түзүлгөн коллегиялык орган;

42) **учурдагы бюджеттик жыл** - кезектеги бюджеттик жылга жана болжолдонуучу мезгилге бюджеттин аткарылышы, бюджеттин долбоорун түзүү жана кароо жүзөгө ашырылган жыл;

43) **бюджетти болжолдоо жана аткаруу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган (мындан ары - ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган)** - бюджеттик жана каржылык чөйрөлөрдө мамлекеттик саясатты иштеп чыгууну, координациялык жөнгө салууну жана аткаруучулук иш-милдеттерди аткарууну жүзөгө ашырууга Өкмөт тарабынан ыйгарым укук берилген аткаруу бийлигинин борбордук органы;

44) **экономикалык болжолдоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган** - экономикалык өнүктүрүү жана салык чөйрөсү жаатында бирдиктүү мамлекеттик саясатты иштеп чыгууну жана ишке ашырууну жүзөгө ашырууга Өкмөт тарабынан ыйгарым укук берилген аткаруу бийлигинин борбордук органы;

45) **бекитилген бюджеттер** - киргизилген өзгөртүүлөрдү эске алуу менен, Жогорку Кеңеш же жергиликтүү кеңештер тарабынан кабыл алынган тиешелүү бюджеттер;

46) **такталган бюджеттер** - киргизилген өзгөртүүлөрдү эске алуу менен, Жогорку Кеңеш жана жергиликтүү кеңештер тарабынан кабыл алынган тиешелүү бюджеттер;

47) **каржылык активдер** - бул алардын ээлерине башка институционалдык бирдиктерден контрактта (келишимде) каралган шарттарга жана жолдорго ылайык бир же бир нече төлөмдөрдү алууга укук берген активдер;

48) **фискалдык саясат** - бул мамлекеттик каржыларды башкаруу жана жөнгө салуу боюнча бюджеттик-салыктык саясат.

2. Ушул беренеде көрсөтүлгөн Кыргыз Республикасынын бюджет мыйзамдарынын башка терминдери жана түшүнүктөрү ушул Кодекстин тиешелүү беренелеринде аныкталуучу маанилерде пайдаланылат. Эгерде ушул Кодексте башка каралбаса, ушул Кодексте пайдаланылуучу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын башка тармактарынын терминдери жана түшүнүктөрү мыйзамдардын бул тармактарында кандай мааниде пайдаланылса, ошондой мааниде колдонулат.

**3-берене. Кыргыз Республикасынын бюджеттик мыйзамдары**

1. Кыргыз Республикасынын бюджеттик мыйзамдары Кыргыз Республикасынын Конституциясына

негизделет, ушул Кодекстен жана ага ылайык кабыл алынган бюджет жөнүндө ченемдик укуктук актылардан, бюджеттик укуктук мамилелерди жөнгө салуучу башка ченемдик укуктук актылардан турат.

Бюджет жөнүндө ченемдик укуктук актыларга төмөнкүлөр кирет:

- республикалык бюджет жөнүндө мыйзам;
- Социалдык фонддун жана Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджети жөнүндө мыйзамдар;
- жергиликтүү кеңештердин жергиликтүү бюджеттер жөнүндө ченемдик укуктук актылары.

2. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын ченемдерине карама-каршы келген учурда, бюджеттик укуктук мамилелерди жөнгө салууда ушул Кодекстин ченемдери артыкчылыктуу болуп саналат.

3. Эгерде эл аралык келишимдерде ушул Кодексте каралбаган башка жоболор белгиленгенсе, анда Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган эл аралык келишимдин жоболору колдонулат.

**4-берене. Бюджеттик мыйзамдардын колдонулушу**

1. Мамлекеттик каржылар чөйрөсүндө мамилелерди жөнгө салуучу ченемдик укуктук актылар Кыргыз Республикасынын бардык аймагында колдонулат жана бюджеттик процесстин бардык катышуучуларына жайылтылат.

2. Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумунун бюджеттик кирешелерин жана (же) чыгашаларын өзгөртүүгө алып келе турган, Жогорку Кеңешке (жергиликтүү кеңештерге) бюджет жөнүндө ченемдик укуктук актынын долбоорун киргизген күндөн кийин кабыл алынган ченемдик укуктук актылар кезектеги бюджеттик жылдан кийинки жылдын 1-январынан эрте эмес күчүнө кирүү жөнүндө жобону камтууга тийиш.

**5-берене. Ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун макулдашуу**

1. Бюджетке жана мамлекеттик каржыларга тиешелүү маселелер чагылдырылган Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын долбоорлору милдеттүү түрдө ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашылат.

2. Мамлекеттин каржылык милдеттенмелерин өзгөртүү жөнүндө; республикалык бюджеттен каржылануучу бюджет чыгашаларын көбөйтүү жөнүндө, же болбосо анын ресурстарын кыскартууну караган мыйзамдардын долбоорлору Өкмөттүн макулдугу менен гана кабыл алынат.

3. Сот тутумунун бюджетине тиешелүү маселелер боюнча ченемдик укуктук актылардын долбоорлору Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңеши (мындан ары -Судьялар кеңеши) менен милдеттүү макулашылууга жатат.

## II БӨЛҮК. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БЮДЖЕТТИК ТУТУМУ

### *2-глава. Жалпы жоболор*

**6-берене. Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумунун принциптери**

1. Бирдиктүүлүк принциби төмөнкүлөрдү билдирет:

1) Кыргыз Республикасынын бюджеттик мыйзамдарынын, Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумун уюштуруунун жана иштөөсүнүн негиздерин, бюджеттик документацияларынын жана отчеттуулугунун формаларын, Кыргыз Республикасынын бюджеттик классификациясын (мындан ары - Бюджеттик классификация), Кыргыз Республикасынын бюджеттик мыйзамдарын бузгандыгы үчүн санкциялардын бирдиктүүлүгүн;

2) Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумунун бюджеттерин белгилөөнүн, түзүүнүн жана кирешелерин аткаруунун жана чыгашалык милдеттенмелерин жүзөгө ашыруунун, бухгалтердик эсепке алууну жүргүзүүнүн жана бюджеттердин жана бюджеттик мекемелердин отчеттуулугун түзүүнүн бирдиктүү тартибин;

3) Кыргыз Республикасынын чектеринен тышкары жүзөгө ашырылуучу бюджетти аткаруу боюнча операцияларды кошпогондо, бюджеттин бардык ресурстарын кошууну жана бюджеттин бардык чыгашаларын бирдиктүү казыналык эсептен алууну жүзөгө ашырууну.

2. Толуктук принциби Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган бардык кирешелерди жана чыгашаларды бюджеттерде толук көлөмдө жана милдеттүү тартипте чагылдырууну билдирет.

3. Натыйжалуулук жана майнаптуулук принциби бюджеттердин түзүлүшү жана аткарылышы алдыдагы мезгилге каралган максаттарга каражаттардын минималдуу көлөмүн тартуу менен жетишүү же тескөөсүндө болгон бюджеттик каражаттарды пайдалануу менен максималдуу натыйжаларга жетишүү зарылдыгынан жүзөгө ашырыла тургандыгын билдирет.

4. Артыкчылыктуулук принциби бюджеттерди Жогорку Кеңештин Бюджеттик резолюциясында аныкталган багыттарга жана Кыргыз Республикасынын жана анын региондорунун социалдык-экономикалык өнүгүү программаларына ылайык бюджеттерди түзүүнү билдирет.

5. Ыраатуулук принциби мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан бирдиктүү фискалдык саясатты жүргүзүүнү жана бюджеттик укук мамилелери чөйрөсүндө мурда кабыл алынган чечимдерди сактоону билдирет.

6. Бюджеттердин өз алдынчалуулук принциби төмөнкүлөрдү билдирет:

1) тиешелүү бюджеттерге кирешелердин өздүк булактарын туруктуу негизде бекитип берүүнү;

2) бюджеттер аралык максаттуу трансферттерди кошпогондо, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын Кыргыз Республикасынын бюджет мыйзамдарына ылайык каражаттарды пайдалануунун багыттарын өз алдынча аныктоого укугун;

3) мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттердин





теңдештүүлүгүн жана бюджеттик каражаттарды пайдалануунун майнаптуулугун өз алдынча камсыз кылууга укуктарын жана милдеттерин.

7. Бюджеттик мыйзамдарды бузгандыгы үчүн бюджет процессинин катышуучуларынын жоопкерчилиги принциби өзүнүн иш-аракеттери, аныкталган каржылык маалыматтарга, кайтарымдуу жана кайтарымсыз негизде бөлүнгөн бюджеттик каражаттарды максатсыз пайдалангандыгы, өз учурунда кириштебегендиги жана которбогондугу үчүн бюджеттик процесстин ар бир катышуучусунун жоопкерчилигин карайт.

8. Айкындуулук принциби мамлекеттик жана мыйзам менен корголгон башка жашыруун сырды камтыган маалыматтардан башка, бюджеттерди түзүүдө, кароодо, бекитүүдө, тактоодо жана аткарууда маалыматтардын жана мамлекеттин бюджеттик саясатына тиешелүү башка маалыматтардын ачыктыгын карайт.

9. Бюджеттин теңдештүүлүк принциби бюджеттин каралган жалпы чыгашаларынын көлөмү бюджеттин ресурстарынын суммалык көлөмүнө ылайык келүүгө тийиштигин билдирет.

**7-берене. Бюджеттик жыл**

Кыргыз Республикасынын аймагында 1-январдан тартып 31-декабрды кошуп алгандагы убакыттын арасы бюджеттик жыл болуп саналат.

**8-берене. Кыргыз Республикасынын бюджеттик классификациясы**

1. Бюджеттик классификация бюджеттердин кирешелеринин, операциялык чыгашаларынын, мамлекеттик (муниципалдык) каржылык жана каржылык эмес активдери жана милдеттемелери менен байланышкан бюджеттик түшүүлөрдүн жана чыгашалардын, бюджеттерди түзүү жана аткаруу, бюджеттик отчеттуулукту түзүүнү, Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумунун бюджеттеринин көрсөткүчтөрүнүн салыштырмалуулугун камсыз кылуучу топун, ошондой эле бюджеттик статистиканын формаларын жана аларды эл аралык көрсөткүчтөр менен салыштырууну бир түргө келтирүүнү билдирет.

Бюджеттик классификация мамлекеттик башкаруу сектору үчүн Эсептердин бирдиктүү планынын бөлүгү болуп саналат.

2. Бюджеттик классификация төмөнкүлөргө бөлүнөт:

1) кирешелердин классификациясы;

2) чыгашалардын экономикалык классификациясы;

3) активдер жана милдеттенмелер менен операциялардын классификациясы;

4) функционалдык классификация;

5) ведомстволук классификация;

6) программалык классификация.

3. Кыргыз Республикасынын бюджеттеринин кирешелеринин классификациясы бюджеттердин кирешелерин топтоо болуп саналат жана Кыргыз Республикасынын бюджеттеринин кирешелерин түзүүчү булактарын аныктоочу мыйзамдарына жана башка ченемдик укуктук актыларына негизделет.

4. Чыгашалардын экономикалык классификациясы мамлекеттик башкаруу секторунда жүзөгө ашырылуучу операциялардын экономикалык мазмунуна жараша бюджеттер чыгашаларынын топтому болуп саналат.

5. Активдер жана милдеттенмелер менен операциялардын классификациясы активдер жана милдеттенмелер менен байланышкан бардык акча операциялары үчүн коддорду камтыйт. Активдер жана милдеттенмелер менен операциялар тиешелүү кодификациялоосу менен акчалардын түшүүлөрүнө жана акчалай төлөмдөргө бөлүнөт.

6. Функционалдык классификация мамлекеттик башкаруу органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иш-милдеттерин аткаруучу чыгашаларынын классификациясын камсыз кылган алардын иш-милдеттерин классификациялоону сунуштайт.

7. Ведомстволук классификация бюджеттик каражаттардын башкы тескөөчүлөрү (тескөөчүлөрү, алуучулары), бюджет ресурстарынын администраторлору болуп саналган мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана бюджеттик мекемелердин классификациясын билдирет.

8. Программалык классификация конкреттүү натыйжаларга жетишүүгө багытталган экономиканын тиешелүү тармактарында (секторлорунда) бюджеттик программалар менен аныкталган чыгашалардын топтоолорун билдирет.

9. Бюджеттик классификация Өкмөт тарабынан бекитилет.

### *3-глава. Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутуму*

**9-берене. Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумунун түзүмү**

Бюджеттик тутум төмөнкүлөрдү камтыйт:

1) республикалык бюджетти;

2) Социалдык Фонддун бюджетин;

3) Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджетин;

4) жергиликтүү бюджеттерди.

**10-берене. Республикалык бюджет**

1. Республикалык бюджет - бул мамлекеттик органдардын, алардын караштуулугундагы бюджеттик мекемелердин милдеттерин жана иш-милдеттерин каржылык камсыз кылуу үчүн арналган акча каражаттарынын жыйындысы.

2. Республикалык бюджет ар жылы Кыргыз Республикасынын мыйзамы менен бекитилет.

**11-берене. Социалдык фонддун бюджети**

1. Социалдык фонддун бюджети - мамлекеттик социалдык жана пенсиялык камсыз кылуу чөйрөсүндөгү милдеттерди каржылык камсыз кылуу жана мамлекеттик саясатты ишке ашыруу үчүн багытталган акча каражаттарынын фонду.

2. Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджети Кыргыз Республикасынын мыйзамы менен бекитилет.

**12-берене. Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджети**

1. Милдеттүү медициналык камсыздандыруу

фондунун бюджети - бул базалык мамлекеттик жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты ишке ашыруучу мамлекеттик органдардын милдеттерин жана иш-милдеттерин каржылык камсыз кылуу үчүн арналган акча каражаттарынын топтоштурулган фонду.

2. Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджети ар жылы Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен бекитилет.

**13-берене. Жергиликтүү бюджеттер**

1. Жергиликтүү бюджет - айылдык аймактын жана шаардын жергиликтүү жамаатынын бюджети, аны түзүүнү, бекитүүнү, аткарууну жана контролдоону жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жүзөгө ашырат.

2. Жергиликтүү бюджеттер жергиликтүү кеңештердин ченемдик укуктук актылары менен бекитилет.

**14-берене. Мамлекеттик бюджет жана мамлекеттик башкаруу секторунун бюджети**

1. Республикалык жана жергиликтүү бюджеттер Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетин түзөт.

2. Ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетин жана аны аткаруу жөнүндө жылдык отчетту ар жылы түзөт жана ушул Кодексте белгиленген тартипте бюджеттерди жана аларды аткаруу жөнүндө тиешелүү отчетторду бекиткенден кийин Өкмөткө жана Жогорку Кеңешке маалымат үчүн берет.

3. Мамлекеттик бюджет жана Социалдык фонддун жана Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджеттери Кыргыз Республикасынын мамлекеттик башкаруу секторунун бюджетин түзөт.

4. Мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына ыктыярдуу кайрымдуулуктардын эсебинен түзүлүүчү фонддорду кошпогондо, бюджеттик эмес фонддорду түзүүгө тыюу салынат.

**15-берене. Өзгөчө бюджет**

1. Өзгөчө бюджети Кыргыз Республикасынын аймагына өзгөчө же аскердик абалды киргизүүдө, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджеттик резервинин (мындан ары - Мамлекеттик бюджеттик резерв) каражаттары жетишсиз болгон учурда бюджет жөнүндө ченемдик укуктук актыга өзгөртүүлөрдү киргизүү жолу менен кабыл алынат.

2. Өзгөчө же аскердик абалды киргизүү менен байланышкан иш-чараларды максаттуу финансылоо үчүн Өкмөт тарабынан киргизилген өзгөчө бюджет Жогорку Кеңеш тарабынан кезексиз тартипте ушул Кодекстин 100-беренесине ылайык жөнөкөйлөштүрүлгөн жол-жобо боюнча каралат жана бекитилет.

## III БӨЛҮМ. РЕСПУБЛИКАЛЫК ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ БЮДЖЕТТЕРДИН ТҮЗҮМҮ

### *4-глава. Бюджеттердин түзүмү*

**16-берене. Бюджеттердин түзүмү**

Республикалык жана жергиликтүү бюджеттерди түзүү жана бекитүү, ошондой эле аларды аткаруу жөнүндө отчетторду түзүү мамлекеттик каржылардын статистикасынын эл аралык стандарттарына ылайык аныкталуучу түзүм боюнча жүзөгө ашырылат.

**17-берене. Бюджеттин ресурстары**

Республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин ресурстары бюджетке төмөнкүдөй түшүүлөрдү камтыйт:

1) бюджеттин кирешелери;

2) каржылык эмес активдер менен операциялардан түшүүлөр;

3) каржылык активдер менен операциялардан түшүүлөр;

4) милдеттенмелерди кабыл алуунун натыйжасындагы түшүүлөр.

Бюджеттин кирешелеринин жана каржылык эмес активдер менен операциялардан түшүүлөрдүн суммасы бюджеттин жыйынды кирешелерин түзөт.

**18-берене. Бюджеттин кирешелери**

1. Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары менен белгиленген салыктар, салыктык эмес төлөмдөр, төгүмдөр, чегерүүлөр жана жыйымдар түрүндө, ошондой эле алынган трансферттер түрүндө Кыргыз Республикасынын тиешелүү бюджетине түшүп жаткан акча каражаттары республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин кирешелери болуп саналат.

2. Салыктык кирешелер Кыргыз Республикасынын салык жана бажы мыйзамдары менен каралган салыктардан, жыйымдардан жана чегерүүлөрдөн түшүүлөрдү, ошондой эле Кыргыз Республикасынын көрсөтүлгөн мыйзамдарын бузгандыгы үчүн кошуп эсептелген пайыздардан, туумдардан жана санкциялардан түшүүлөрдү камтыйт.

3. Салыктык эмес кирешелер - бул салыктык эмес кирешелер жөнүндө мыйзамдарда каралган жана салык, бажы төлөмдөрү, мамлекеттик социалдык камсыздоо боюнча төлөмдөр жана расмий трансферттер болуп саналбаган мамлекеттик бюджеттин кирешелери.

4. Алынган расмий трансферттер төмөнкүлөрдү камтыйт:

1) чет өлкөлүк мамлекеттердин өкмөттөрүнөн алынган гранттар;

2) эл аралдык уюмдардан алынган гранттар;

3) бюджеттер аралык трансферттер.

5. Капиталдык кирешелерге капиталдык активдерди (негизги фонддорду, мамлекеттик запастарды жана резервдерди, жерди) сатуудан алынган кирешелер кирет. Капиталдык кирешелер жана алынган расмий трансферттер капиталдык чыгымдарды каржылоого багытталат.

**19-берене. Мамлекеттик жана муниципалдык акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдөн түшүүлөр**

1. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн реестрлерине ылайык кызмат көрсөтүүлөрдөн кирешелер түрүндө алынуучу каражаттар мамлекеттик жана муниципалдык акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдөн түшүүлөр болуп саналат.

2. Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдөн түшүүлөрдү түзүүнүн жана пайдалануунун тартиби Өкмөт тарабынан белгиленет.

3. Мамлекеттик жана муниципалдык акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдөн түшүүлөрдүн курамына Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралбаган кирешелердин башка түрлөрүн киргизүүгө тыюу салынат.

**20-берене. Активдер менен операциялардан түшүүлөр жана милдеттенмелерди кабыл алуу**

1. Каржылык эмес жана каржылык активдер менен операциялардан жана милдеттемелерди кабыл алуу менен байланышкан операциялардан бардык акчалай түшүүлөр бюджеттин ресурстук бөлүгүндө чагылдырылат.

2. Негизги фонддордун, запастардын жана өндүрүштүк эмес активдердин бардык түрлөрүн сатуудан акчалай каражаттар каржылык эмес активдер менен операциялардан түшүүлөр болуп саналат.

3. Узак мөөнөттүү, кыска мөөнөттүү баалуу кагаздарды сатууну жана ишканалардын менчигинин (акцияларынын) мамлекеттик (муниципалдык) үлүшүн сатууну кошуп алганда каржылык активдерди сатуудан түшкөн акчалай каржаттар каржылык активдер менен операциялардан түшүүлөр болуп саналат.

4. Ички жана тышкы булактардан карызга алуулардан түшкөн акчалай каржаттар милдеттемелерди кабыл алуу менен байланышкан операциялардан түшүүлөр болуп саналат.

**21-берене. Бюджеттин чыгашалары**

1. Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарынын чектөөгө ылайык сарптоо милдеттемелерин жабуу үчүн багытталган акча каражаттары республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин чыгашалары болуп саналат.

2. Бюджеттин жалпы чыгашалары төмөнкүлөрдү камтыйт:

1) операциялык чыгашаларды;

2) каржылык эмес активдер менен операцияларды жүзөгө ашыруу үчүн чыгашаларды;

3) каржылык активдер менен операцияларды жүзөгө ашыруу үчүн чыгашаларды;

4) милдеттемелердин негизги бөлүгүн жабуу үчүн чыгашаларды.

3. Бюджеттик мекемелердин чыгашаларынын керектөөлөрү учурдагы каржылык жылга эмгекке акы төлөө фондунун, коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдүн жана башка чыгашалар бюджетинин милдеттенмелерине негизделген эсептөөлөрдүн негизинде түзүлөт.

4. Операциялык чыгашалардын жана каржылык эмес активдер менен операцияларды жүзөгө ашыруу үчүн чыгашалардын суммасы бюджеттин жыйынды чыгашаларын түзөт.

**22-берене. Учурдагы операциялык чыгашалар**

1. Операциялык чыгашалар алардын экономикалык маңызы боюнча төмөнкү категорияларга бөлүнөт:

1) кызматкерлердин эмгегине акы төлөө;

2) товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү пайдалануу;

3) пайыздар;

4) субсидиялар;

5) гранттар;

6) социалдык жөлөкпулдар;

7) Мамлекеттик бюджеттик резервди жана ушул Кодекс менен белгиленген резервдик фонддорду түзүүгө чыгашаларды кошуп алганда, категориялар боюнча бөлүштүрүлбөгөн башка чыгашалар.

2. Кызматкерлердин эмгегине акы төлөөгө бюджеттик мекемелердин кызматкерлерине аткарылган иштер үчүн акчалай формадагы сый акыны жана өз каражаттарынын эсебинен капитал топтоо менен байланышкан иштерди кошпогондо, Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына ылайык чегерүүлөрдү өзүнө камтыйт. Бул категорияга эмгекке акы төлөө жана Социалдык фондко чегерүүлөр кирет.

3. Товарларды: кеңселик багыттагы, негизги фонддорду, аспаптарды жана жабдууларды, атайын кийимди техникалык тейлөө жана учурдагы ремонттоо үчүн товарларды сатып алууга, ошондой эле кызматтык иш сапарларынын убагында берилүүчү транспорттук жана мейманкана кызмат көрсөтүүлөрүнө, кызматкерлерди окутуп-үйрөтүүгө жана башкаларга акы төлөөгө чыгашалар "товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү пайдалануу" категориясы боюнча чыгашалар болуп саналат.

Бюджеттик мекемелер тарабынан товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө мыйзамдын талаптарына ылайык жүзөгө ашырылат.

4. Тышкы жана ички булактардан алынган насыялар жана зайымдар боюнча пайыздарды төлөп берүү пайыздык төлөөлөр болуп саналат.

5. Субсидиялар - мамлекеттин экономикалык жана социалдык саясатына ылайык өздөрүнүн өндүрүштүк ишин жүзөгө ашырууда тарткан зыяндарын компенсациялоо үчүн акысыз жана кайтарылгыс негизде товарларды, иштерди, кызмат көрсөтүүлөрдү өндүрүүчүлөргө - юридикалык жактарга берилүүчү акча каражаттары.

6. Гранттар - эл аралык келишимдерге, өкмөттөр аралык макулдашууларга жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларына ылайык акысыз жана кайтарымсыз негизде берилүүчү акча каражаттары.

7. Социалдык жактан аярлуу калктын катмарына Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына ылайык берилүүчү чыгашалар социалдык жөлөкпулдар болуп саналат.

8. Башка чыгашалар - стипендияларды, сот органдарынын чечимдерине ылайык мамлекеттик органдардын жана өз алдынча башкаруу органдарынын мыйзамсыз аракеттерин (аракетсиздиги) менен келтирилген зыяндын ордун толтурууга төлөп берүү-

гө, ошондой эле Мамлекеттик бюджеттик резервди жана ушул Кодекс менен белгиленген башка резервдик фонддорду түзүүгө зарыл болгон чыгашалар.

**23-берене. Мамлекеттик бюджеттик резерв**

1. Мамлекеттик бюджеттик резерв учурдагы бюджеттик жылда кечиктирилгис каржылоону талап кылуучу күтүлбөгөн чыгашаларды каржылоо үчүн республикалык бюджеттин курамында түзүлөт.

2. Мамлекеттик бюджеттик резерв төмөнкүдөй жагдайлар менен байланышкан чукул жана күтүлбөгөн зарылдыктардын учурунда пайдаланылат:

1) экономикалык шарттардын жагымсыз кескин өзгөрүүсүндө;

2) табигый жана техногендик мүнөздөгү өзгөчө кырдаалда;

3) саясий мүнөздөгү өзгөчө кырдаалда жана аскердик абалда;

4) башка өлкөгө гуманитардык жардамды көрсөтүүдө;

5) экономиканы өнүктүрүүгө;

6) Кыргыз Республикасына болгон доолор боюнча эл аралык бейтарап соттордун (арбитраждардын) чечимдерин Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленген тартипте аткарууда.

3. Жогоруда көрсөтүлгөн максаттарга пайдаланылбаган учурда бул каражаттар бюджеттин тартыштыгын кыскартууга багытталат.

4. Мамлекеттик бюджеттик резервдин өлчөмү республикалык бюджет жөнүндө мыйзам менен бекитилет жана республикалык бюджеттин чыгашаларынын көлөмүнөн 2 пайыздан ашык эмести (Мамлекеттик бюджеттик резервди эске албаганда) түзөт.

5. Мамлекеттик бюджеттик резервди пайдалануу Жогорку Кеңеш менен макулдашуу боюнча Өкмөт тарабынан жүзөгө ашырылат.

**24-берене. Жергиликтүү бюджеттердин резервдик фонду**

1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдары учурдагы бюджеттик жылда кечиктирилгис каржылоону талап кылган күтүлбөгөн чыгашаларды каржылоо үчүн жергиликтүү бюджеттердин курамында резервдик фонд түзүшү мүмкүн. Резерв жергиликтүү бюджетке өздүк кирешелерден учурдагы түшүүлөрдүн эсебинен түзүлөт.

2. Жергиликтүү бюджеттин резервдик фондунун өлчөмү тиешелүү жергиликтүү бюджеттин чыгашаларынын көлөмүнүн 1 пайызынан ашык эмес болуусу керек (бюджеттин резервинин каражаттарын жана аткаруу бийлик органдарынын акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрүнүн суммаларын эсепке албаганда).

3. Жергиликтүү бюджеттердин резервдик фондорун пайдалануунун багыттары жана көлөмдөрү жөнүндө чечим жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органы тарабынан ушул Кодекстин жоболоруна ылайык кабыл алынат.

4. Резервдик фонддордун каражаттарын төмөнкүлөргө пайдаланууга жол берилбейт:

1) шайлоо, референдум өткөрүүгө;

2) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана жергиликтүү кеңештердин жетекчилеринин ишин чагылдырууга;

3) муниципалдык кызматчылардын эмгегине акы төлөөгө жана аларга материалдык сыйакы берүүгө;

4) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин учурдагы материалдык-техникалык жана каржылык камсыз кылуу боюнча иш-чараларга.

5. Жергиликтүү бюджеттердин резервдик фонддорун пайдалануу жөнүндө маалыматтар аларды аткаруу жөнүндө отчетторго тиркелет жана милдеттүү жарыялануга жатат.

**25-берене. Резервдик фонддор**

1. Республикалык бюджетте кезектеги бюджеттик жылга Кыргыз Республикасынын Президентинин, Жогорку Кеңешинин Төрагасынын, Премьер-министринин резервдик фонддорун түзүү каралат.

2. Кыргыз Республикасынын Президентинин, Жогорку Кеңешинин Төрагасынын жана Премьер-министринин резервдик фонддорунун өлчөмү республикалык бюджеттин бекитилген чыгашаларынын 0,02 пайызынан ашык эмести түзөт (резервдик фонддун суммасын эсепке албаганда).

3. Резервдик фонддордун каражаттарын пайдалануу тиешелүүлүгүнө жараша Кыргыз Республикасынын Президентинин, Жогорку Кеңешинин Төрагасынын, Премьер-министринин чечимдеринин негизинде жүзөгө ашырылат. Резервдик фонддордун каражаттарын пайдалануу жөнүндө чечим тиешелүү мамлекеттик органдардын расмий веб-сайттарына жарыялануга жатат.

4. Резервдик фонддордун каражаттары социалдык маанилүү мүнөздөгү чукул жана күтүлбөгөн чыгашаларды каржылык камсыз кылууга гана пайдаланылат;

5. Резервдик фонддордун каражаттарын төмөнкүлөргө пайдаланууга жол берилбейт:

1) шайлоолорду, референдумдарды өткөрүүгө;

2) Кыргыз Республикасынын Президентинин, Жогорку Кеңешинин Төрагасынын, Премьер-министринин ишин чагылдырууга;

3) мамлекеттик кызматкерлердин эмгек акысына жана материалдык сыйлык берүүгө;

4) мамлекеттик органдардын ишин учурдагы материалдык-техникалык жана каржылык камсыз кылуу боюнча иш-чараларга.

6. Резервдик фонддорду пайдалануу жөнүндө маалымат республикалык бюджетти аткаруу жөнүндө отчетко тиркелет жана ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын расмий сайтына милдеттүү жарыялануга жатат.

**26-берене. Каржылык эмес жана каржылык активдер менен операцияларды жүзөгө ашыруу жана милдеттенмелерди жабуу үчүн бюджеттин чыгашалары**

1. Каржылык эмес активдер менен операцияларды жүзөгө ашыруу үчүн бюджеттин чыгашаларына негизги фонддордун бардык түрлөрүн, запастарды жана өндүрүштүк эмес активдерди сатып алуу, капиталдык ремонттоо жана түзүү менен байланышкан чыгашалар таандык кылынат.

2. Каржылык активдер менен операцияларды жүзөгө ашыруу үчүн бюджеттин чыгашаларына узак мөөнөттүү жана кыска мөөнөттүү баалуу кагаздарды сатып алуу; бюджеттен насыяларды жана ссудаларды берүү; мамлекеттик жана муниципалдык менчикке ишканалардын үлүштөрүн (акцияларын) сатып алууну кошуу менен байланышкан чыгашалар таандык кылынат.

3. Милдеттенмелер менен операцияларды жүзөгө ашыруу үчүн бюджеттин чыгашаларына узак мөөнөттүү жана кыска мөөнөттүү баалуу кагаздар боюнча тышкы жана ички булактардан зайымдар келишимдери (макулдашуулары) боюнча карыздардын негизги бөлүгүн жабуу менен байланышкан чыгашалар кирет.

**27-берене. Бюджеттин дефицити/профицити**

1. Бюджеттин киреше жыйындысынын бюджеттин чыгаша жыйындысынан ашып кетүүсү бюджеттин профицитин түзөт, ал эми бюджеттин чыгаша жыйындысынын бюджеттин киреше жыйындысынан ашып кетүүсү бюджеттин дефицитин түзөт.

2. Республикалык бюджеттин дефицитинин/профицитинин өлчөмү республикалык бюджет жөнүндө мыйзам менен бекитилет.

3. Каржылык активдер жана милдеттемелер боюнча операциялар менен байланышкан акча каражаттары, ошондой эле Бирдиктүү казыначылык эсептеги каражаттардын калдыгы бюджеттин дефицитин жабуунун (каржылоонун) булактары болуп саналат.

4. Республикалык жана жергиликтүү бюджеттер тең салмактуулуктун принцибинин негизинде түзүлөт.

## IV БӨЛҮМ. БЮДЖЕТТИК ИНВЕСТИЦИЯЛАР

### *5-глава. Бюджеттик инвестициялар*

**28-берене. Бюджеттик инвестициялар жөнүндө жалпы жоболор**

1. Бюджеттик инвестициялар инвестициялык долбоорлордун аркасында инфратүзүмдү түзүүгө жана өнүктүрүүгө, инновациялык тутумду түзүүгө, социалдык секторду колдоого, мамлекеттик башкаруу секторундагы институттук кайра түзүүлөрдү ишке ашырууну камсыз кылууга багытталат.

Бюджеттик инвестицияларды тартуу менен түзүлгөн өндүрүштүк жана өндүрүштүк эмес объекттер мамлекеттик же муниципалдык башкарууга өткөрүп берилет.

2. Бюджеттик инвестициялар ички инвестициялык долбоорлорду ишке ашырууга төмөнкүдөй түрдө багытталат:

1) капиталдык салымдар;

2) бюджеттик насыялоо;

3) дем берүүчү (үлүштүк) гранттар;

4) региондорду өнүктүрүү фонддор.

3. Бюджеттик инвестициялар тышкы инвестициялык долбоорлорду ишке ашырууга төмөнкүдөй түрдө багытталат:

1) мамлекеттик тышкы инвестициялар;

2) мамлекеттик-жеке өнөктөштүк.

4. Ички инвестициялык долбоор анын экономикалык жана социалдык максатка ылайыктуулугун, инвестицияларды жүзөгө ашыруунун көлөмүн жана мөөнөттөрүн, инвестициялык долбоорду этап боюнча ишке ашырууну жана ага баа берүүнү камтыйт.

Инвестициялык долбоорлорду ишке ашыруунун кезектеги этабынын шарттарын жана мөөнөттөрүн сактабоо учурдагы цикл аяктаганга чейин аны каржылоону токтотууга алып келет.

Бюджеттик инвестициялар биринчи кезектеги тартипте ички инвестициялык долбоорду ишке ашыруунун натыйжалуулугуна баа берүүнү эске алуу менен мурда башталган инвестициялык долбоорлордун аякташына багытталат.

Жергиликтүү бюджеттерди аткаруу жөнүндө отчеттор жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы тарабынан түзүлөт жана тиешелүү жергиликтүү кеңештер тарабынан төмөнкү параметрлер: кирешелер, чыгашалар, республикалык бюджеттен бөлүнүп берилүүчү трансферттер боюнча бекитилет.

Жергиликтүү бюджеттердин аткарылышы жөнүндө бекитилген жылдык отчеттор ыйгарым укуктуу органга отчеттук жылдан кийинки жылдын 1-мартынан кечиктирилбеген мөөнөттө берилет.

### 118-берене. Социалдык фонддун жана Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджеттерин түзүү, кароо жана аткаруу жөнүндө отчетту бекитүү

1. Социалдык фонд жана Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду мурунку мезгил үчүн өздөрүнүн бюджеттерин аткаруу жөнүндө отчетту ушул берененин талаптарына ылайык Өкмөт тарабынан белгиленген тартипте түзүшөт.

2. Социалдык фонддун жана Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджеттеринин аткарылышы жөнүндө жылдык отчетко төмөнкүлөр кирет:

1) бюджеттин көрсөткүчтөрүнүн: кирешелердин, чыгашалардын, дефициттин/профициттин жана башкалардын аткарылышы;

2) резервдик фонддун пайдаланылышы;

3) өнүктүрүү фондун түзүү жана аткаруу жөнүндө отчет;

4) насыялык жана дебитордук карыздын абалы жөнүндө отчет;

5) пландаштырылган максаттар боюнча жыйынтык көрсөткүчтөргө жетишүү жөнүндө маалымат;

6) жылдык бюджетти аткаруу боюнча объективдүү жана субъективдүү чектөөлөр тууралуу маалымат.

3. Социалдык фонд жана Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду бюджеттеринин аткарылышы жөнүндө жылдык отчетту иштеп чыгат жана отчеттук жылдан кийинки жылдын 1-майынан кечиктирбестен Өкмөткө берет.

4. Өкмөт отчеттук мезгил үчүн Социалдык фонддун жана Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджеттеринин аткарылышы жөнүндө мыйзам долбоорун отчеттук жылдан кийинки жылдын 15-майынан кечиктирбестен карайт жана Жогорку Кеңешке берет.

5. Эсептөө палатасы Социалдык фонддун жана Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджеттеринин аткарылышын аудитордук текшерүүнүн натыйжалары боюнча отчетту отчеттук жылдан кийинки жылдын 1-сентябрына чейин Жогорку Кеңешке берет.

6. Жогорку Кеңеш Социалдык фонддун жана Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджеттеринин аткарылышы жөнүндө жылдык отчетту отчеттук жылдан кийинки жылдын 1-октябрынан кечиктирбестен карайт, бир окууда бекитет.

### 119-берене. Эсепке алуу жана каржылык отчеттуулук

1. Бухгалтердик эсепке алуу - Кыргыз Республикасынын жана тиешелүү аймактын (мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алар тарабынан түзүлгөн бюджеттик мекемелердин) каржылык жана каржылык эмес активдеринин жана милдеттенмелеринин абалы жөнүндө жана жогорудагы көрсөтүлгөн активдердин, милдеттенмелердин өзгөрүүсүнө алып келүүчү операциялар жөнүндө маалыматтарды топтоонун, каттоонун жана акчалык туюнтууда жалпылоонун иреттелген тутуму.

Бухгалтердик эсепке алуу Бюджеттик классификациянын негизинде иштелип чыккан Эсептердин бирдиктүү планына ылайык жүзөгө ашырылат. Эсептердин бирдиктүү планы - бюджеттик мекемелердин бюджеттерин аткаруу жана чарбалык ишин аткаруу боюнча операцияларды бухгалтердик эсепке алуу үчүн арналган бухгалтердик эсептердин түзүмдөштүрүлгөн тизмеги.

Бухгалтердик эсепке алууну жүргүзүү үчүн Эсептердин бирдиктүү планы Өкмөт тарабынан бекитилет.

2. Бюджеттик мекемелерде бухгалтердик эсепти жүргүзүүнүн жана каржылык отчеттуулукту түзүүнүн усулдук негиздери Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары менен аныкталат.

3. Бюджеттик каражаттарды башкы тескөөчүлөр (тескөөчүлөр, алуучулар) каржылык отчеттуулукту түзүүдө бухгалтердик эсепке алуунун жана каржылык отчеттуулуктун бирдиктүү усулун жана стандарттарын сактоо менен ведомстволук (ички) актыларды колдонушат. Бюджеттик каражаттарды башкы тескөөчүлөр (тескөөчүлөр, алуучулар) тарабынан каржылык отчеттуулукту берүү, мамлекеттик же

ликасынын Мыйзамына толуктоолор жана өзгөртүүлөр киргизүү тууралу" Кыргыз Республикасынын 2009-жылдын 18-майындагы № 157 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2009-ж., № 5, 474-ст.);

18) "Кыргыз Республикасындагы бюджеттик укуктун негизги принциптери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына толуктоо жана өзгөртүү киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын 2009-жылдын 15-июнундагы № 184 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2009-ж., № 6, 558-ст.);

19) "Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансы-экономикалык негиздери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөр киргизүү тууралу" Кыргыз Республикасынын 2009-жылдын 15-июлундагы № 213 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2009-ж., № 7, 723-ст.);

20) "Кыргыз Республикасындагы бюджеттик укуктун негизги принциптери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү тууралу" Кыргыз Республикасынын 2009-жылдын 17-июлундагы № 232 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2009-ж., № 7, 742-ст.);

21) "Кыргыз Республикасындагы бюджеттик укуктун негизги принциптери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөр киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын 2010-жылдын 28-январындагы № 14 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2010-ж., № 1, 14-ст.);

22) "Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансы-экономикалык негиздери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөр киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын 2010-жылдын 28-январындагы № 15 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2010-ж., № 1, 15-ст.);

23) "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөр жана толуктоо киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 17-февралындагы № 1 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2011-ж., № 2, 66-ст.);

24) "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана мамлекеттик эмес карызы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына толуктоо киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 26-июлундагы № 138 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2011-ж., № 7, 1041-ст.);

25) "Кыргыз Республикасындагы бюджеттик укуктун негизги принциптери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын 2012-жылдын 28-июнундагы № 90 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2012-ж., № 6, 2401-ст.);

26) "Кыргыз Республикасындагы бюджеттик укуктун негизги принциптери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралу" Кыргыз Республикасынын 2012-жылдын 29-июнундагы № 91 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2012-ж., № 6, 2402-ст.);

27) "Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансы-экономикалык негиздери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоо киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын 2012-жылдын 13-июлундагы № 106 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2012-ж., № 7, 2717-ст.);

28) "Кыргыз Республикасындагы бюджеттик укуктун негизги принциптери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына толуктоо киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын 2012-жылдын 25-июлундагы № 141 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2012-ж., № 7, 2752-ст.);

29) "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2012-жылдын 10-октябрындагы № 170 Мыйзамынын 12-беренеси (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2012-ж., № 9, 2862-ст.);

30) "Кыргыз Республикасындагы бюджеттик укуктун негизги принциптери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын 2013-жылдын 6-февралындагы № 13 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2013-ж., № 2, 112-ст.);

31) "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына толуктоо жана өзгөртүү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2013-жылдын 17-июлундагы № 149 Мыйзамынын 1-беренеси (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2013-ж., № 7, 935-ст.);

32) "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2013-жылдын 3-августундагы № 186 Мыйзамынын 4-беренеси (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2013-ж., № 7, 972-ст.);

33) "Кыргыз Республикасындагы бюджеттик укуктун негизги принциптери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын 2013-жылдын 7-августундагы № 189 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2013-ж., № 7, 975-ст.);

34) "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2013-жылдын 15-ноябрындагы № 201 Мыйзамынын 5-жана 8-беренелери (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2013-ж., № 10, 1125-ст.);

35) "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана мамлекеттик эмес карызы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүү киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын 2014-жылдын 2-июнундагы № 86 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2014-ж., № 6, 483-ст.);

36) "Кыргыз Республикасындагы бюджеттик укуктун негизги принциптери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына толуктоо киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 3-мартындагы № 48 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2015-ж., № 3, 238-ст.).

**3-берене.**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү ушул Кодекс күчүнө кирген учурдан тартып алты айлык мөөнөттө:

1) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине ылайык келтирүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине сунуш киргизсин;

2) өзүнүн ченемдик укуктук актыларын Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине ылайык келтирсин.

**Кыргыз Республикасынын Президенти**
**А.Атамбаев**

**Бишкек шаары**
**2016-жылдын 16-майы № 60**

**2016-жылдын 6-апрелинде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган**

---

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

# Кыргыз Республикасындагы бюджеттик укуктун негизги принциптери жөнүндө

*(1999-ж. 13-июлундагы №69, 2002-ж. 9-августундагы №138, 2003-ж. 12-июлунун №125, 2003-ж. 25-сентябрынын №216, 2004-ж. 20-июлундагы №93, 2004-ж. 17-сентябрындагы №169, 2006-ж. 15-июлундагы №110, 2008-ж. 14-февралындагы №14, 2008-ж. 17-октябрындагы №226, 2009-ж. 17-февралындагы №54, 2009-ж. 18-майындагы №157, 2009-ж. 15-июнундагы №184, 2009-ж. 17-июлундагы №232, 2010-ж. 28-январындагы №14, 2011-ж. 17-февралындагы №1, 2012-ж. 28-июнундагы №90, 2012-ж. 29-июнундагы №91, 2012-ж. 25-июлундагы №141, 2012-ж. 10-октябрындагы №170, 2013-ж. 6-февралындагы №13, 2013-ж. 17-июлундагы №149, 2013-ж. 3-августундагы №186, 2013-ж. 7-августундагы №189, 2013-ж. 15-ноябрындагы №201, 2015-ж. 3-мартындагы №48, 2016-ж. 22-июнундагы №83, 2016-ж. 22-июнундагы №85 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

Ушул Мыйзам Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин жана жергиликтүү бюджеттердин түзүлүшүнүн жана аткарылышынын негизги принциптерин аныктайт.

**I бөлүм.**
**Жалпы жоболор**

**1-статья. Бюджет тутумунун курамы жана бюджеттердин өз алдынчалыгы**

**Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутуму** - укуктук ченем менен регламенттелүүчү Кыргыз Республикасынын экономикалык мамилелерине жана мамлекеттик түзүлүшүнө негизделген республикалык жана жергиликтүү бюджеттерди, бюджеттен тышкаркы фонддорду түзүү, кароо, бекитүү жана аткаруу боюнча мамилелердин тутуму.

Бюджет тутумунун бардык бөлүктөрүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленген өздөрүнүн киреше булактарынын болушу бюджеттердин өз алдынчалыгынын негизи болуп саналат.

Мамлекеттик бийлик органдары жалпы мамлекеттик салыктардан жана башка кирешелерден чегерүүлөрдүн жергиликтүү бюджеттик ченемдерин, ошондой эле трансферттердин өлчөмдөрүн сактабоо менен байланышкан учурлардан тышкары, жергиликтүү бюджеттерди түзүү жана бекитүү процесстерине кийлигишүүгө жол берилбейт.

Ушул Мыйзамда каралгандан башка учурларда, мамлекеттик бийлик органдары жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарынын жергиликтүү бюджеттеринин аткарылышынын процессине кийлигишүүгө жол берилбейт.

*(2004-ж. 20-июлундагы №93, 2009-ж. 17-июлундагы №232 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**2-статья. Бюджет процесси**

Республикалык бюджет жана жергиликтүү бюджет үч жылдык мөөнөткө кезектеги бюджеттик жылга жана андан кийинки болжол кылынуучу эки жылга түзүлөт жана бекитилет.

Республикалык бюджет Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, жергиликтүү бюджеттер - жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдары тарабынан түзүлөт жана аткарылат. Республикалык бюджет Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, жергиликтүү бюджеттер - айылдык жана шаардык кеңештер тарабынан каралат жана бекитилет.

Сот бийлигинин бюджети сот бийлиги тарабынан өз алдынча түзүлөт жана аткаруу жана мыйзам чыгаруу бийлиги менен макулдашуу боюнча республикалык бюджетке кошулат жана анын курамдык бөлүгү болуп саналат.

**10-статья. Бюджетти кассалык аткаруу**

Бюджетти кассалык аткаруу Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыначылыгы жана анын региондук бөлүмдөрү тарабынан агент-банктар аркылуу жүргүзүлөт.

Кызмат көрсөтүү үчүн комиссиялык акы Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыначылыгы тарабынан конкурстук негизде аныкталат.

**11-статья. Бюджеттик жыл**

Кыргыз Республикасынын аймагында бюджеттик жыл деп 1-январдан 31-декабрды кошо алган убакыттын аралыгы саналат.

*(2012-ж. 28-июнундагы №90 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**12-статья. Бюджеттик процесстин айкындуулугу**

Республикалык жана жергиликтүү бюджеттерди кароо жана бекитүү Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, айылдык жана шаардык кеңештер тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен мамлекеттик сырлардын категориясына киргизилген, аларды таркатуу мамлекеттик кызыкчылыктарга, эгемендикке, экономикалык жана мамлекеттик коопсуздукка зыян келтириши мүмкүн болгон маселелерди кароодон тышкарыда, айкындуу жана ачык жүргүзүлөт.

Республикалык бюджетти аткаруу жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин, жергиликтүү бюджеттерди аткаруу жөнүндөгү - айылдык жана шаардык кеңештердин отчеттору боюнча токтомдор, республикалык бюджет жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамы жана кезектеги бюджеттик жылга жана андан кийинки болжол кылынуучу эки жылга жергиликтүү бюджеттер жөнүндө кеңештердин чечимдери айылдык жана шаардык массалык маалымат каражаттарында жарыяланууга тийиш.

*(2004-ж. 20-июлундагы №93, 2008-ж. 17-октябрындагы №226 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**13-статья. Мамлекеттик (бириккен) бюджетти жана анын аткарылышы жөнүндөгү отчетторду берүүнүн мөөнөттөрү**

Үстүдөгү жылга жана андан кийинки болжол кылынуучу эки жылга мамлекеттик (консолидацияланган) бюджет Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө жергиликтүү бюджеттер бекитилгенден кийин, ал эми анын аткарылышы жөнүндө жылдык отчет отчеттук жылдан кийинки жылдын 20-майына чейин берилет. Бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетко ошондой эле Мамлекеттик инвестициялар программасын ишке ашыруу тууралу маалымат киргизилет.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү мамлекеттик (консолидацияланган) бюджетти Кыргыз Республикасынын Президентине жергиликтүү бюджеттер бекитилгенден кийин, ал эми анын аткарылгандыгы тууралу жылдык отчетту отчеттук мезгилден кийин келген жылдын 15-июнунан кечиктирбей киргизет.

Кыргыз Республикасынын финансы министри мамлекеттик бюджеттин талаптагыдай түзүлүшүн жана аткарылышын камсыз кылат.

*(2004-ж. 20-июлундагы №93, 2008-ж. 17-октябрындагы №226 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**14-статья. Бюджеттик классификация**

Кыргыз Республикасында Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги бекитүүчү республикалык жана жергиликтүү бюджеттер үчүн бюджеттин кирешесинин жана чыгымынын бирдиктүү классификациясы пайдаланылат.

Бюджеттик классификация бюджеттик статистиканын формаларын бир түргө салууну жана эл аралык практикага салыштырмалуулугун камсыз кылууга тийиш.

Республикалык бюджеттин долбоору бюджеттик классификацияга ылайык Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин бекитүүсүнө сунуш кылынат, ал өзүнө (министрликтер, мамлекеттик комитеттер, администрациялык ведомстволор, мамлекеттик комиссиялар, агентстволор жана башка аткаруу бийлик органдары боюнча) уюштуруу (административдык) классификациясын камтыйт.

**15-статья. Мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттик ыйгарым укуктары**

Бюджетти аткаруу процессинде жүргүзүлгөн бюджеттин чыгымдары Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, айылдык жана шаардык кеңештер бекиткен бюджеттерде каралган өлчөмдүн чегинен ашпоого тийиш.

Бекитилген бюджеттин көрсөткүчтөрүн кирешелер жана чыгымдар боюнча жалпысынан, ошондой эле кирешелердин бөлүмдөрү, главалары, кичине главалары жана чыгымдардын негизги топтору, топтору, кичине топтору боюнча өзгөртүүлөр Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши жана айылдык жана шаардык кеңештер тарабынан кошумча чыгымдарды жабуунун жана түшүүчү кирешелердин конкреттүү, негиздүү булактары болгондо гана кабыл алынышы мүмкүн.

Министрликтерге, мамлекеттик комитеттерге, административдык ведомстволорго, мамлекеттик комиссияларга, башка борбордук аткаруу бийлик органдарына, менчигинин түрүнө карабастан ишканаларга жана чарба субъекттерине республикалык бюджеттен бюджеттик ссуда берүү чечими Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши бекиткен тийиштүү жылдын бюджетинде көрсөтүлгөн максаттар үчүн каралган каражаттардын чегинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан кабыл алынат.

Ишканаларга, уюмдарга жана башка чарба субъекттерине республикалык бюджеттен берилүүчү ссудалар жана кредиттер алар мурда берилген кредиттерди жабууга зарыл пайыздарды жана суммаларды төлөп берем деген милдеттенмелерин аткарса гана берилет.

Жергиликтүү бюджеттерге бюджеттик ссудаларды берүү чечимдери аларда бюджетти аткаруу процессинде биринчи кезектеги чыгымдарды каржылоодо кыйынчылыктар болсо, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан кабыл алынат.

Эгерде республикалык бюджеттен берилген





бюджеттик ссудалар бюджеттик жылдын аягына чейин жоюлбаган учурда, жоюлбаган ссуда жергиликтүү бюджеттерге чегерилүүчү жалпы мамлекеттик салыктардан жана башка кирешелерден чегерүүлөрдүн эсебинен республикалык бюджетке өндүрүлүп алынат.

Жергиликтүү бюджеттерден ссудаларды берүү тийиштүү келишим жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары менен жөнгө салынат.

Муниципалдык ишканаларга жана мекемелерге, бирдей деңгээлдеги бюджеттерге жергиликтүү бюджеттен ссуда берүү жөнүндөгү чечимди жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдары кабыл алат жана жергиликтүү бюджетте көрсөтүлгөн максаттарга каралган каражаттардын чектеринде айылдык жана шаардык кеңештер тарабынан бекитилет.

Жергиликтүү бюджеттердин, ошондой эле чарбакер субъекттердин республикалык бюджеттен берилген ссудалар боюнча бересëлерин кечүү жөнүндө чечимдерди Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши менен макулдашуу боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтү кабыл алат, ал эми жергиликтүү бюджеттерден берилген ссудалар боюнча бересëлерин кечүү жөнүндө чечимдерди жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдары айылдык жана шаардык кеңештер менен макулдашуу боюнча кабыл алышат. Республикалык бюджеттен берилген ссудалар боюнча бересëлерди төлөөнүн шарттарын өзгөртүү жөнүндө чечимдерди Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, ал эми жергиликтүү бюджеттерден берилген ссудаларды төлөөнүн шарттарын өзгөртүү жөнүндө чечимдерди жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдары айылдык жана шаардык кеңештер менен макулдашуу боюнча кабыл алышат.

Юридикалык жак банкроттукка байланыштуу жоюлган учурда Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинде жана "Банкроттук (кудуретсиздик) жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралган тартипте кредитордун талаптары аткарылат.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги бюджетти аткаруу процессинде чыгымдардын корголгон статьяларын (эмгек акыны, акчалай акы төлөөнү, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондго чегеримдерди, дары-дармек жана таңуучу каражаттарды, тамак-аш, стипендия, пенсия жана пособие, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондго дотацияларды) азайтпастан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши бекиткен мамлекеттик башкаруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иш-милдеттеринин классификациясына тиешелүү чыгымдардын негизги топтору, топтору жана кичине топтору боюнча жалпы чыгымдардын чегинде, ошондой эле тийиштүү жылга республикалык бюджет жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен бекитилген министрлик, мамлекеттик комитет, административдык ведомство, мамлекеттик комиссия жана башка борбордук аткаруу бийлик органы боюнча жалпы каражаттардын чегинде чыгымдардын статьяларынын ортосунда каражаттарды кайра бөлүштүрүүгө укуктуу.

Министрликтер, мамлекеттик комитеттер, административдык ведомстволор, мамлекеттик комиссиялар, башка борбордук аткаруу бийлик органдары жана кредиттин башка тескөөчүлөрү Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен макулдашуу боюнча өздөрүнө караштуу бюджеттик мекемелер менен уюмдардын сметасындагы чыгымдардын статьялары боюнча (корголгон статьяларга чыгымды азайтпастан) тийиштүү жылга республикалык бюджет жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен бекитилген жалпы каражаттардын чегинде бюджетти аткаруу процессинде каражаттарды тактоого укуктуу.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жогоруда белгиленген эрежелерди ишке ашыруу жана ушундай эрежелерден ар кандай чыгарып салууларды аныктоо үчүн толук нускама чыгарууга укуктуу.

Белгиленген тартипте бекитилген республикалык жана айылдык жана шаардык бюджеттердин көрсөткүчтөрүн кирешелердин негизги бөлүмдөрү, главалары, кичине главалары боюнча, чыгымдардын негизги топтору, топтору жана кичине топтору боюнча, чыгымдардын корголгон статьялары боюнча, ошондой эле бюджеттин тартыштыгынын (профицитинин) өлчөмү боюнча өзгөртүүлөр Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши жана жергиликтүү кеңештер тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жүйөлүү жана негиздүү сунуштарынын негизинде өзгөчө жагдайларда гана киргизилиши мүмкүн.

Бекитилген бюджетке өзгөртүүлөр жана толуктоолор үстүдөгү жылдын бюджеттик көрсөткүчтөрүнө, кийинки болжол кылынуучу жылдардын бюджетинин параметрлерин өзгөртпөстөн киргизилет.

Финансы министри Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн тышкы жана ички карыз алынуучу каражаттарды тартуу, кредиттерди жана гарантияларды берүү боюнча бирден бир агенти катары чыгат.

*(2004-ж. 20-июлундагы №93, 2004-ж. 17-сентябрындагы №169, 2006-ж. 15-июлундагы №110, 2008-ж. 17-октябрындагы №226, 2009-ж. 17-июлундагы №232, 2012-ж. 28-июнундагы №90, 2012-ж. 29-июнундагы №91 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**16-статья. Бюджеттердин ортосунда өз ара эсептешүү жүргүзүүнүн тартиби**

Бюджет бекитилгенден кийин Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши же Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан жергиликтүү бюджеттердин чыгымдары көбөйүп же кирешелери азая турган ченемдик актылар кабыл алынса, тийиштүү суммалар республикалык бюджеттен алып коюлат.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө өндүрүштүн (иштин, кызмат көрсөтүүнүн) көлөмүнүн, баанын деңгээлинин, инфляциянын темпинин өзгөргөндүгү жана республиканын экономикасында болгон башка процесстерден улам жалпы мамлекеттик жөнгө салынуучу салыктардын контингенти жана башка кирешелер боюнча көрсөткүчтөрдү тактоого байланыштуу квартал аяктаганга кеминде 30 күн калганда

жергиликтүү бюджеттери менен республикалык бюджеттин өз ара эсептешүү ишине тактоо киргизүүгө укук берилет.

*(2004-ж. 20-июлундагы №93 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**17-статья. Чыгымдардан ашкан кирешелерди пайдалануу боюнча мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктары**

Республикалык жана жергиликтүү бюджеттерди аткарууда кошумча алынган, Жогорку Кеңеш тарабынан бекитилген чегерүүлөрдүн ченемдиктери боюнча бөлүштүрүлүүчү кирешелер, ошондой эле жыл аягында кирешени ашык аткаруудан же чыгымдын үнөмдөөнүн натыйжасында түзүлгөн кирешенин чыгымдан ашкан суммасы тийиштүү түрдө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагында калат, алып коюлбайт жана Өкмөттүн жана айылдык жана шаардык кеңештердин кароосу боюнча республикалык жана жергиликтүү бюджеттин чыгымдарын тийиштүүлүгүнө жараша финансылоого пайдаланылат. Ушул Мыйзамдын 31-статьясында көрсөтүлгөн жалпы мамлекеттик салык же киреше боюнча (мурдагы жылдагы салык калдыгын төлөө боюнча планды эске алуу менен) пландуу көрсөткүчтөр ашыгы менен аткарылган учурда ошол жалпы мамлекеттик салык же киреше боюнча пландуу көрсөткүчтөрдүн ашык аткарылган суммасы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши белгилеген ченемдер боюнча ашык аткарылган суммада жергиликтүү бюджетке чегерилет.

Айрым учурларда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин чечими боюнча отчеттук финансы жылынын акырында топтолгон каражаттын эркин калдыгы (кассалык накталай акчаны жүгүртүүнү алып таштагандан кийин ушул Мыйзамдын 23-статьясына ылайык түзүлгөн кирешенин чыгымдан ашышы) республикалык бюджетти аткаруу процессинде Кыргыз Республикасынын ички мамлекеттик карызын толугу менен (же жарым-жартылай) жабууга жумшалышы мүмкүн.

*(2004-ж. 20-июлундагы №93 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**18-статья. Бюджетти бекитүүгө чейин жумшалган чыгымдар**

Эгер бюджеттин долбоору үстүдөгү жылдын аягына чейин бекитилбесе, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ал бекитилгенге чейин Кыргыз Республикасынын Өкмөтү Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдары - айылдык жана шаардык кеңештердин кароосуна киргизген бюджет долбоорунда каралган чыгымдардын жылдык суммасынын он экиден бир бөлүгүнүн чегинде ай сайын сарптоо жүргүзүүгө укуктуу.

*(2008-ж. 17-октябрындагы №226, 2012-ж. 29-июнундагы №91 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**19-статья. Бюджеттин кирешелери**

Бюджеттин кирешелери негизинен тике жана кыйыр салыктардан салыктык эмес жана Кыргыз Республикасынын Салык кодексинде жана мыйзамдарында белгиленген башка кирешелердин эсебинен түзүлөт.

Бюджетке түшкөн кирешелер республикалык бюджет жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамына жана жергиликтүү бюджет жөнүндө айылдык жана шаардык кеңештердин ченемдик укуктук актыларына ылайык бюджеттин чыгымдарын каржылаш үчүн колдонулат.

**Салык эмес кирешелер** - Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган жыйымдар, төлөмдөр жана башка салык эмес кирешелер түрүндө Кыргыз Республикасынын республикалык жана жергиликтүү бюджетке түшкөн акча каражаттары, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына кызмат көрсөтүүдөн жана иш аткаруудан түшкөн акча каражаттары.

Бюджеттин финансылык тартыштыгын каржылоонун ички жана тышкы булактары бюджеттин киреше бөлүгүндө көрсөтүлбөйт.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бюджеттин салык жана салыктык эмес кирешелери менен байланышкан мамлекеттик-жеке өнөктөштүк долбоорлорун ишке ашырууда бюджеттик каражаттарды түзүүнүн жана пайдалануунун атайын тартибин белгилейт.

*(2004-ж. 20-июлундагы №93, 2010-ж. 28-январындагы №14, 2015-ж. 3-мартындагы №48 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**19¹-статья. Бюджеттик мекемелердин атайын каражаттары**

Атайын каражаттар - бул бюджеттик мекемелердин Кыргыз Республикасынын колдонуудагы ченемдик укуктук актыларына ылайык атайын эсептерге чегерилген продукцияларды сатып өткөрүүдөн, жумуштарды аткаруудан жана кызматтарды көрсөтүүдөн жана (же) иштин башка түрлөрүн жүзөгө ашыруудан алынган каражаттары.

Атайын каражаттар мамлекеттик бюджетте чагылдырылат, мында бюджеттик мекеменин атайын эсебине түшүүлөрдү жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларда бул каражаттар атайын каражаттар катары так көрсөтүлүүгө тийиш. Тиешелүү ченемдик укуктук актылар жок болгон учурда, каражаттар мекеменин атайын эсебине чегерилүүгө тийиш эмес жана мамлекеттик бюджеттин кирешесине келип түшөт.

Атайын каражаттардын курамына төмөнкү кирешелер кошулушу мүмкүн эмес:

- салык жана бажы мыйзамдарына, салыктык эмес төлөмдөр жөнүндө мыйзамдарга ылайык белгиленген милдеттүү төлөмдөр;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган ченемдерди бузгандыгы үчүн айыптар, туумдар жана башка финансылык санкциялар;
- укук бузуулар менен келтирилген зыяндын ордун толтуруу түрүндө келип түшкөн каражаттар, ошондой эле укук бузуулары жасоонун конфискацияланган товарларын, куралдарын жана башка товарларды сатуудан түшкөн каражаттар.

*(2012-ж. 28-июнундагы №90, 2013-ж. 7-августундагы №189 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**20-статья. Бюджеттин чыгымдары**

Тийиштүү жылдын бюджетинде ошол жылы аткаруу белгиленген иш-чараларга чыгымдар каралат.

Пландаштырылган жылы кийинки жылдары да кыйла өлчөмдөгү бюджеттик каражаттарды сарптоону талап кылган иш-чараларды өткөрүүдө министрликтерге, мамлекеттик комитеттерге, административдик ведомстволорго, мамлекеттик комиссияларга жана башка борбордук аткаруу бийлик органдарына аталган каражаттарды мамлекеттин финансылык мүмкүнчүлүктөрүнүн чегинде бөлүү каралат.

Республикалык жана жергиликтүү бюджеттерди түзүүдө мамлекет менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу функцияларын жана милдеттерин аткаруудан келип чыккан чыгымдар гана кабыл алынат. Ушул максатта чыгымдардын зарылчылыгына баа берилип, долбоорлордун бар экендиги жана чыгымдардын сметасына эсептердин негиздүүлүгү текшерилет.

Бюджеттердин сарптоо бөлүгү өзгөчө учурларда мамлекеттин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун иш милдеттерин жана милдеттерин аткарууну камсыз кылуу үчүн юридикалык жактарга субсидияларды камтышы мүмкүн.

Өнүгүү боюнча программаны кабыл алуу үчүн салыктардын экономикалык майнаптуулугун изилдөөлөр жүргүзүлөт. Зарыл болгон учурда салым жумшоонун максатка ылайыктуулугун ырастоочу көз каранды эмес эксперттердин корутундусу пайдаланылат.

Бюджеттин чыгым бөлүгүнө иштеп жаткан жана жаңы ачылган ишканалар үчүн капиталдык салымдарына бөлүнгөн акча каражаттары киргизилет.

Республикалык бюджеттен капиталдык салымдарды пландаштыруу Кыргыз Республикасынын финансы министрлиги, ал эми жергиликтүү бюджеттен капиталдык салымдарды пландаштыруу – жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдары тарабынан жүзөгө ашырылат. Орточо мөөнөттүү бюджеттин жана пландаштырылган тийиштүү жылга бюджеттин көрсөткүчтөрүнө киргизилген капиталдык салымдардын көлөмдөрү түздөн-түз ишканалар менен уюмдарга кредит же грант түрүндө берилген каражаттардын куралчу капиталдык салымдардын көлөмүн кошо алганда каржылоонун бардык булактарынын (ички жана тышкы) эсебинен каржылануучу капиталдык салымдардын көлөмдөрүн, ошондой эле тышкы булактардан каржылануучу бардык инвестициялык долбоорлор боюнча капиталдык салымдардын көлөмүн кошууга тийиш.

Өнөр жай-өндүрүштүк багыттагы объектилердин курулушуна бөлүнгөн каражат кайтарып берүү мүнөзүнө ээ жана пайыздарды төлөө менен берилет. Бюджеттин чыгым бөлүгүнө министрликтерге, мамлекеттик комитеттерге, административдик ведомстволорго, мамлекеттик комиссияларга жана башка борбордук аткаруу бийлик органдарына, ишканаларга жана чарба субъекттерине ссуда үчүн берилген каражат да кошулат.

Бюджеттин чыгым бөлүгүндө Кыргыз Республикасынын Социалдык фондго бөлүнгөн дотациялар жана башка каражаттар да көрсөтүлөт. Өз ишин бюджеттен тышкары жүргүзгөн Кыргыз Республикасынын Социалдык фонд Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдында бюджеттен алынуучу бюджеттик каражаттарды пайдалангандыгы үчүн отчет берет.

Чыгымдардын көрсөткүчтөрү бюджетте учурдагы чыгымдарды жана өнүгүү бюджетин, ошондой эле бюджеттин кирешеси менен чыгымынын классификациясына ылайык чыгымдардын негизги түрлөрүн жана статьяларын бөлүп көрсөтүү менен чагылдырылат.

Бюджеттин тартыштыгын каржылоо ички жана тышкы булактардан алынган кредиттердин негизги суммасын жабуу менен байланышкан чыгымдар бюджеттин чыгым бөлүгүндө көрсөтүлбөйт да, "Бюджеттин тартыштыгын жабуу булактары" бөлүмүндөгү анын балансында көрсөтүлөт.

Бюджеттин чыгашалар бөлүгүндө Кыргыз Республикасынын Медициналык камсыздандыруу фондуна Мамлекеттик гарантиялар программасын аткаруу үчүн бөлүнүүчү каражаттар көрсөтүлөт. Кыргыз Республикасынын Медициналык камсыздандыруу фонду саламаттык сактоо уюмдарын менчигинин формасына карабастан мамлекеттик бюджеттен каражаттары менен келишимдик негизде каржылайт. Кыргыз Республикасынын Медициналык камсыздандыруу фонду бюджеттен алынган бюджеттик ассигнованиелерди пайдаланганы үчүн Саламаттык сактоону реформалоо жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу боюнча Байкоочулар кеңешине отчет берет.

*(2004-ж. 20-июлундагы №93, 2009-ж. 17-февралындагы №54 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**21-статья. Резервдик фонддор**

Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинде Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетин бекитүүдө каралышы мүмкүн болбогон экономикалык, социалдык-маданий жана башка иш-чаралар боюнча күтүүсүз чыгымдарды жабуу үчүн ар бир резервдик фонд (көрсөтүлгөн резервдик фонддорду эсепке албай) боюнча бюджеттин чыгымдарынын көлөмүнө карата 1 пайызга чейинки чектерде Жогорку Кеңештин Төрагасынын резервдик фонду, Кыргыз Республикасынын Президентинин резервдик фонду жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн резервдик фонду жана ошондой эле мамлекеттик администрация башчыларынын резервдик фонддору түзүлөт.

Жергиликтүү бюджеттерде чыгымдардын көлөмүнө карата 1 пайызга чейинки чекте (резервдик фонддорду эсепке албастан) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын резервдик фонддору түзүлөт.

Кошумча финансылык ресурстарды топтоо жана аларды өлкөнүн экономикасы жана бюджеттик системасы үчүн жагымсыз мезгилдерде сарамжалдуу пайдалануу, ошондой эле социалдык маанилүү иш-чараларды финансылык жактан камсыз кылуу мак-

сатында Кыргыз Республикасынын Резервдик фонду түзүлөт. Кыргыз Республикасынын Резервдик фондун түзүүнүн жана пайдалануунун тартиби Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан аныкталат.

*(2004-ж. 20-июлундагы №93, 2008-ж. 14-февралындагы №14, 2009-ж. 15-июнундагы №184, 2011-ж. 17-февралындагы №1 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**$21^1$-статья. Региондорду өнүктүрүү фонду**

Региондорду өнүктүрүү фонду - жергиликтүү маанидеги инфратүзүмдөрдү өнүктүрүүгө жана күтүүгө пайдаланылуучу кирешелердин же башка келип түшүүлөрдүн конкреттүү түрлөрүнөн чегерүүлөрдүн жана максаттуу багыттагы башка конкреттүү иш-чараларды жүзөгө ашыруунун эсебинен мыйзамдарга ылайык түзүлгөн акча каражаттары.

Фондун каражаттары тиешеси жок багыттарга колдонулушу мүмкүн эмес.

Фонддорду түзүүнүн жана ага каражаттарды чегерүүнүн тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

Республикалык бюджетти түзүүдө фонддордун каражаттары региондорду бюджеттик каржылоону төмөндөтүүгө таасир тийгизе албайт.

*(2013-ж. 17-июлундагы №149 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**22-статья. Мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджетинин балансташпагандыгы, ошондой эле мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин бюджетти талаптагыдай аткарбагандыгы жана финансы тартибин бузгандыгы үчүн жоопкерчилиги**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тийиштүү бюджеттин балансташпагандыгына байланыштуу келип чыккан милдеттенмелер боюнча өз алдынча жооп беришет.

Министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин, административдик ведомстволордун, мамлекеттик комиссиялардын, башка борбордук аткаруу бийлик органдарынын, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилери жана бюджеттик каражаттарды чыгымдоо үчүн жооптуу кызматчылары финансы тартибин бузгандык жана бюджетти аткарууга байланыштуу милдеттерди орундатпагандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жекече жоопкерчилик тартат.

Мамлекеттик финансылык фактылары аныкталганда Финансы министрлиги мамлекеттик администрациялардын, министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин, ведомстволордун көрсөтүлгөн укук бузууларга күнөөлүү болгон жетекчилерин ээлеген кызматынан бошотуу жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентине, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө сунуш киргизет.

*(2004-ж. 20-июлундагы №93 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**23-статья. Жүгүртүүдөгү кассалык накталай акча**

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, айылдык жана шаардык кеңештер бюджеттин курамына жаңы финансылык жылдын башталышында тийиштүү бюджет боюнча калган каражаттардын эсебинен каралган чыгымдардан тышкары жүгүртүүдөгү кассалык накталай акчанын көлөмүн бекитет. Жүгүртүүдөгү кассалык накталай акча жыл ичинде убактылуу кассалык үзгүлтүктөрдү жабууга пайдаланылышы мүмкүн жана ошол эле жылы бюджетти бекитүүдө белгиленген өлчөмгө чейин калыбына келтирилүүгө тийиш.

*(2004-ж. 20-июлундагы №93 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**24-статья. Бюджеттин профицити жана тартыштыгы түшүнүгү**

Мамлекеттик кирешелердин чыгымдардан ашып кетиши - бюджеттин профицитин, мамлекеттик чыгымдардын кирешелерден ашып кетиши - бюджеттин тартыштыгын түзөт.

**25-статья. Республикалык бюджеттин тартыштыгынын жогорку өлчөмү**

Республикалык бюджеттин тартыштыгынын жогорку өлчөмү жыл сайын Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан бекитилет.

**26-статья. Бюджеттин тартыштыгын жабуунун булактары**

Бюджеттин тартыштыгын жабуу үчүн каражат тартуунун негизги түрү болуп тийиштүү пайыздарды төлөө менен кайтарыла турган мүнөздөгү ыктыярдуу заемдордун негизинде мамлекеттик карыздарды калыптандыруу саналат.

Бюджеттин тартыштыгын жабууга Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө чет өлкөлүк инвесторлор, эл аралык уюмдар кредит түрүндө берилүүчү каржылоонун тышкы булактары да тартылышы мүмкүн.

Бюджеттин тартыштыгын жабууга мамлекеттик менчикте турган объекттерди менчиктештирүүдөн жана мурда берилген бюджеттик ссудалардын жана кредиттердин негизги суммасын кайтарып берүүдөн түшкөн кирешелер жумшалат.

Бюджеттин тартыштыгын жабуунун ички жана тышкы булактары "Бюджеттин тартыштыгын жабуу булактары" бөлүмүндөгү анын балансында көрсөтүлөт.

*(2012-ж. 28-июнундагы №90 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**27-статья. Республикалык жана жергиликтүү бюджеттерди түзүүнү жана аткарууну текшерүү**

Республикалык жана жергиликтүү бюджетти түзүүнү жана аткарууну текшерүү Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан жүргүзүлөт. Эсептөө палатасынын талабы боюнча мамлекеттик жана жергиликтүү финансы органдары бюджетти түзүү жана текшерүү үчүн зарыл болгон документтердин көчүрмөлөрүн берүүгө милдеттүү. Эсептөө палатасы Кыргыз Республикасынын Президентине, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине





текшерүүнүн жыйынтыктары жөнүндө отчет берет.

*(2002-ж. 9-августундагы №138, 2008-ж. 17-октябрындагы №226, 2012-ж. 28-июнундагы №90 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**28-статья. Өзгөчө бюджет**

Республикада же анын айрым жерлеринде өзгөчө абал киргизилгенде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши өзгөчө кырдаал менен байланышкан иш-чараларды каржылоо багытындагы кошумча өзгөчө бюджетти бекитиши мүмкүн.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин токтому менен өзгөчө бюджет боюнча чыгымдарды каржылоо үчүн кирешенин булактары аныкталат. Өзгөчө бюджеттин чыгымдарын каржылоо үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин чечими менен кошумча салыктар, кошумча акылар, жыйымдар, төлөмдөр киргизилет.

**29-статья. Республикалык бюджеттин чыгымдарынын секвестр түшүнүгү**

Чыгымдардын секвестри деп бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылбай калышы күтүлгөн шартта, ошондой эле бюджеттик чөйрөнүн кызматкерлерине пенсия жана эмгек акы төлөп берүү боюнча карыздардын топтолушун болтурбоо максатында республикалык бюджеттин чыгымдар статьясын белгиленген пропорцияларда кыскартуу түшүндүрүлөт. Учурдагы бюджеттик жылга секвестр киргизүү чечими республикалык бюджеттин кварталдагы иш жүзүндө аткарылышын талдоонун жана бюджеттик жылдын акырына чейин кирешенин аткарылышын баамдоонун негизинде кабыл алынат. Республикалык бюджеттин чыгымдарынын секвестри Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан бекитилет.

Секвестрлештирүүгө жаткан статьялардын тизмеси, ошондой эле кыскартуунун өлчөмү бирдиктүү ставка боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Макроэкономикалык жана инвестициялык саясат боюнча координациялык кеңеш тарабынан белгиленет. Чыгымдардын айрым статьялары боюнча секвестрдин жеңилдетилген режими белгилениши мүмкүн.

Үстүдөгү финансы жылында Кыргыз Республикасынын сот системасын финансылоого мыйзам менен каралган бюджеттик каражаттарды Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин макулдугу менен гана секвестеризациялоого жол берилет.

*(2009-ж. 18-майындагы №157 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**30-статья. Бюджеттен тышкаркы фонддор**

Кыргыз Республикасынын Социалдык фонддон, Кыргыз Республикасынын Медициналык камсыздандыруу фондунун, ошондой эле ыктыярдуу кайрымдуулук акчаларынан жана взностордун эсебинен түзүлгөн бюджеттен тышкаркы фонддордон башка министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин, административдик ведомстволордун, мамлекеттик комиссиялардын жана башка борбордук аткаруу бийлик органдарынын, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттен тышкаркы фонддорун түзүүгө тыюу салынат.

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджеттен тышкаркы фонддорун түзүү маселеси "Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен жөнгө салынат.

*(2004-ж. 20-июлундагы №93, 2004-ж. 17-сентябрындагы №169, 2009-ж. 17-февралындагы №54, 2013-ж. 3-августундагы №186 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

## II бөлүм.
## Кыргыз Республикасынын бюджетинин кирешелеринин курамы

**31-статья. Жалпы мамлекеттик салыктар жана башка кирешелер**

1. Жалпы мамлекеттик салыктарга жана башка кирешелерге төмөнкүлөр кирет:

1) киреше салыгы;

2) сатуудан салык;

$2^1$) жер казынасын пайдалануу үчүн салык (роялти);

3) милдеттүү патенттин негизиндеги салык;

4) ыктыярдуу патенттин негизиндеги салык;

5) бирдиктүү салыктын негизиндеги салык салуунун жөнөкөйлөтүлгөн тутуму;

6) мамлекеттик же муниципалдык менчикте турган мүлктү пайдалануудан түшкөн кирешелер;

7) мамлекеттик же муниципалдык менчикте турган мүлктү сатуудан же башка акы төлөнүп менчиктен ажыратуудан түшкөн кирешелер;

8) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, ошондой эле бюджеттик мекемелер, аткаруу бийлигине жана жергиликтүү өз алдынча башкарууга караштуу органдар акы төлөтүп кызмат көрсөтүүдөн жана иш аткаруудан түшкөн кирешелер;

9) материалдык, административдик жана кылмыш-жаза жоопкерчилигинин чараларын колдонуунун натыйжасында түшкөн каражаттар, атап айтканда: айып салуу, конфискация, компенсация;

$9^1$) эл аралык донорлордон расмий трансферттердин келип түшүүсү;

10) мыйзам тартибинде белгиленүүчү башка жалпы мамлекеттик салыктар жана кирешелер.

2. Жалпы мамлекеттик салыктар жана башка кирешелер республикалык, ошондой эле жергиликтүү бюджеттерге түшүшү мүмкүн.

*(2010-ж. 28-январындагы №14, 2012-ж. 28-июнундагы №90, 2016-ж. 22-июнундагы №83 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**32-статья. Республикалык бюджеттин кирешелери**

Республикалык бюджетке төмөнкүлөр түшөт:

1) жалпы мамлекеттик салыктардан жана башка кирешелерден чегерүүлөр;

2) кошумча нарк салыгы;

3) акциздик салык;

4) пайдага салык;

5) кен байлыктарды пайдалануу үчүн салык (бонустар);

6) *(2016-ж. 22-июнундагы №83 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

7) импорттук жана экспорттук бажы алымдары;

8) республикалык бюджеттен берилүүчү кредиттер (ссудалар) боюнча пайыздар;

9) адиске баалуу кагаздар менен операцияларды жүргүзүү укугуна күбөлүк бергендиги үчүн жыйым;

10) баалуу кагаздардын эмиссияларын каттагандыгы үчүн комиссиондук жыйым;

11) күрөөнү каттагандыгы, Бирдиктүү мамлекеттик реестрден көчүрмө алгандыгы жана күрөөнү кошумча билдиргендиги үчүн жыйымдар;

12) транспорттук каражаттарды каттагандыгы (кайра каттагандыгы) үчүн жыйым;

13) консулдук жыйымдар;

14) туристтик жана альпинисттик иштерди жүргүзгөндүгү үчүн жыйым жана чегерүүлөр;

15) мыйзамсыз, анын ичинде лицензиялык тартип менен белгиленген ишти лицензиясы жок жүзөгө ашыруудан түшкөн кирешелер;

16) мамлекеттик жана дем берүүчү лотереяларды өткөрүүдөн түшкөн кирешелер;

17) баалуу металлдардан жасалган зергердик (турмуш-тиричилик) буюмдарды сынактан өткөргөндүк жана эн тамга койгондук үчүн төлөм (баалуу металлдарга техникалык экспертиза жана контролдук талдоолор);

18) мамлекеттик менчикте турган объектилерди ижарага берүүдөн түшкөн кирешелер;

19) концессиялык (чет өлкөлүк инвесторлорго мүлктү, жерди жана анын кен байлыктарын ижарага берүүдөн) кирешелер;

20) айлана чөйрөнү булгагандык үчүн төлөм (анын ичинде булгоочу заттардын агындыларын, саркындыларын жана калдыктарды таштоочу жай үчүн төлөөлөр);

21) Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекиткен реестрге ылайык мамлекеттик уюмдар көрсөткөн акы төлөмө кызматтарды жана иштерди аткаруудан түшкөн кирешелер;

22) альтернативалуу (аскердик эмес) кызмат өтөөдөн түшкөн кирешелер;

23) жаратылыш ресурстарын пайдалануудан түшкөн кирешелер;

24) конфискацияланган мүлктү, белгиленген тартипте мамлекеттин менчигине биротоло өткөн мүлктү, анын ичинде мамлекеттин пайдасына бажы режиминде баш тартуу жол-жоболоштурулган товарларды жана транспорт каражаттарын сатып өткөрүүдөн түшкөн кирешелер;

25) Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын пайдасынан түшкөн кирешелер;

26) акциялардын мамлекеттик пакетине дивиденддерден түшкөн кирешелер;

27) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык республикалык бюджетке алынуучу мамлекеттик алым;

28) жазык-аткаруу инспекцияларынын кирешелери;

29) материалдык баалуулуктардын уурдалышына жана кем чыгышына күнөөлүү адамдан төлөтүлүп алынуучу суммалар, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган мамлекеттик органдар жана алардын аймактык бөлүмдөрү өндүрүп алуучу административдик айыптар жана санкциялар;

30) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка салыктык эмес, жана башка кирешелер.

*(2010-ж. 28-январындагы №14, 2012-ж. 28-июнундагы №90, 2012-ж. 10-октябрындагы №170, 2016-ж. 22-июнундагы №83 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

### 33-статья. Жергиликтүү бюджеттердин кирешелери

1. Айылдын жана шаардын жергиликтүү бюджеттерине төмөнкүлөр түшөт:

1) жалпы мамлекеттик салыктардан жана башка кирешелерден чегерүүлөр;

2) муниципалдык мүлктү башкаруудан жана тескөөдөн түшкөн кирешелер;

3) жер салыгы;

4) мүлккө салык;

5) *(2016-ж. 22-июнундагы №83 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

6) Айыл-чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин пайдалануу укугу үчүн алынуучу жерге ижара акысы;

7) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жергиликтүү бюджетке алынуучу мамлекеттик алым;

8) айылдык жана шаардык кеңештер бекиткен реестрге ылайык акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөр жана аткарылган иштер үчүн муниципалдык мекемелердин кирешелери;

9) жол кыймылынын коопсуздугунун эрежелерине жана унаа каражаттарын эксплуатациялоого коркунуч келтирген укук бузуу болгондо салынган административдик жазалардан тышкары административдик айыптар жана башка санкциялар;

10) трансферттер, ыктыярдуу төлөмдөр;

11) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка салыктык эмес, жана башка кирешелер.

2. *(2012-ж. 29-июнундагы №91 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

*(2010-ж. 28-январындагы №14, 2012-ж. 29-июнундагы №91, 2012-ж. 25-июлундагы №141 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

### 34-статья. Жалпы мамлекеттик салыктардан жана башка кирешелерден жергиликтүү бюджеттерге чегерүүнүн тартиби

Жергиликтүү бюджеттерге кирешелер мамлекеттик салыктардын жана башка кирешелерден, ошондой эле салыктын ушул түрлөрү жана башка кирешелер боюнча салык органдары тарабынан алынуучу айыптардан, туумдардан жана башка санкциялардан бирдиктүү ченемдиктер боюнча чегерилет.

Жалпы мамлекеттик салыктардан жана башка кирешелерден чегерүүлөрдүн ченемдери Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан бекитилет. Жалпы мамлекеттик салыктардан жана башка кирешелерден түшкөн каражаттарды республикалар аралык жана жергиликтүү бюджеттерге бөлүштүрүү республикалык бюджет жөнүндөгү мыйзам тарабынан белгиленет.

Кыргыз Республикасынын финансы министрлиги бекиткен жалпы мамлекеттик салыктардан жана башка кирешелерден чегерүүлөрдүн ченемдери жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жиберилет.

*(2004-ж. 20-июлундагы №93, 2009-ж. 15-июнундагы №184 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

## III бөлүм. Кыргыз Республикасындагы трансферттер тутуму

### 35-статья. Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумдагы трансферттер

**Категориялык гранттар** - мамлекет тарабынан кепилдик берилген жергиликтүү бюджеттин чыгымдарынын айрым түрлөрүн финансылоо үчүн акысыз жана кайтарымсыз негизде республикалык бюджеттен берилүүчү трансферттер.

Категориялык гранттар жергиликтүү деңгээлдеги мамлекеттик программаларды финансылоонун керектөөлөрүнө эсептелген формуланын негизинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына республикалык бюджеттен берилет. Категориялык гранттарды эсептөөнүн ыкмалары жана формуласы Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

Билим берүү үчүн категориялык гранттын өлчөмдөрүн конкреттештирүү мамлекеттик минималдуу социалдык стандарттардын аткарылышын камсыз кылуу үчүн зарыл болгон көлөмдөрдө жыл сайын белгиленет.

Категориялык гранттар белгиленген ыкмага жана формулага ылайык жергиликтүү бюджеттен Кыргыз Республикасынын финансы министрлиги тарабынан бөлүштүрүлөт.

**Теңдештирүүчү гранттар** - стабилдүү социалдык экономикалык абалга колдоо көрсөтүү максатында минималдуу мамлекеттик социалдык стандарттарга ылайык жергиликтүү бюджеттердин чыгымдарын финансылоону камсыз кылуу үчүн республикалык бюджеттен берилүүчү трансферттер.

Теңдештирүүчү гранттар жергиликтүү коомдоштуктун чыгымдарын финансылоодо кирешелердин потенциалынын жана жергиликтүү бюджеттин керектүүлөрүнүн ортосундагы финансылык ажырымды эске алуу менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекиткен формуланын негизинде эсептелинет жана бөлүштүрүлөт.

Теңдештирүүчү гранттар белгиленген ыкма жана формулага ылайык жергиликтүү бюджетке Кыргыз Республикасынын финансы министрлиги тарабынан бөлүштүрүлөт.

**Үлүштүк (дем берүүчү) гранттар** - бюджеттик каражаттарды, мамлекеттик артыкчылыктуу программалардын жана долбоорлордун каражаттарын натыйжалуу чыгымдоого дем берүү, жергиликтүү бюджеттердин кирешелерин көбөйтүү жана жергиликтүү кирешелердин булактарын кыйла толугу менен мобилизациялоо максатында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына республикалык бюджеттен берилүүчү трансферттер.

Үлүштүк (дем берүүчү) гранттар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына конкурстук негизде берилет. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекиткен шарттарга ылайык үлүштүк (дем берүүчү) гранттарды алууга талаптама берүүгө укуктуу.

Гранттардын өлчөмдөрү жана алардын тизмеси республикалык бюджет жөнүндөгү мыйзамда жыл сайын каралып турушу мүмкүн. Гранттарды берүүнүн ыкмасы, эсептөө формуласы жана шарттары үч жыл бою өзгөртүлүүгө тийиш эмес.

Өз ара эсептешүү боюнча бир бюджеттен башка бюджетке берилүүчү каражаттар ушул Мыйзамдын 16-статьясына ылайык өткөрүп берилет.

Бюджеттик ссудалар-кайтаруу, тез жана пайызсыз негизде башка бюджетке берилүүчү каражаттар. Бюджеттик ссудалар бюджеттик жылдын алкагында 12 айга чейинки мөөнөткө берилет. Бюджеттик ссудалар ушул Мыйзамдын 15-статьясына ылайык берилет.

*(2004-ж. 20-июлундагы №93, 2004-ж. 17-сентябрындагы №169, 2009-ж. 17-июлундагы №232, 2010-ж. 28-январындагы №14 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

### 36-статья. Жалпы мамлекеттик салыктардан жана башка кирешелерден чегерүүлөрдүн ченемдиктери, ошондой эле трансферттер өлчөмү сакталбагандыгы үчүн санкциялар

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги жалпы мамлекеттик салыктардын, салык эмес жана бюджеттердин ортосундагы башка кирешелердин туура бөлүштүрүлүшүнө, трансферттердин туура эсеп кылынышына жана максаттуу пайдаланылышына контролдукту жүзөгө ашырат.

Жалпы мамлекеттик салыктарды, салык эмес жана башка кирешелерди эсептөө тартиби жана алардын өлчөмү бузулган, трансферттер максатына жараша пайдаланылбаган учурда Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жогору турган аймактык деңгээлдеги жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары региондун аймагында ишке ашырылып жаткан жалпы мамлекеттик программаларды жана иш-чараларды, бардык түрдөгү трансферттердин берилишин, ошондой эле бюджеттик ссудалар жана өз ара эсептешүүлөр боюнча каражаттардын берилишин токтотуп коюуга укугу бар.

Трансферттерди эсептөөнүн тартибине жоопкер мамлекеттик бийлик органдарынын кызмат адамдары анын туура эсептелишине жеке жоопкерчилик тартат.

*(2004-ж. 20-июлундагы №93, 2009-ж. 17-июлундагы №232 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

## IV бөлүм.
## Бюджеттердин ортосунда чыгымдар боюнча милдеттердин бөлүштүрүлүшү

**37-статья. Кыргыз Республикасынын бюджеттик түтүмүндагы чыгымдык милдеттенмелердин түзүмү**

1. Кыргыз Республикасында чыгымдык милдеттенмелерди бөлүштүрүүнүн төмөнкүдөй түзүмү белгиленет:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чыгымдык милдеттенмелери - мамлекеттик башкаруу органдары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, Кыргыз Республикасы катышуучу болгон жана мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге, башка келишимдерге жана макулдашууларга ылайык функцияларды жана ыйгарым укуктарды ишке ашырууда келип чыгуучу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн бюджеттик милдеттенмелери республикалык бюджеттин каражатынын эсебинен жүргүзүлүүгө тийиш;

2) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чыгымдык милдеттенмелери - жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттик милдеттенмелери, ал Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленип, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына берилген функцияларына ылайык пайда болот, аларды каржылоо жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жергиликтүү бюджеттеринен жүргүзүлөт;

3) аралаш чыгымдык милдеттенмелери - Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттик милдеттенмелери, алар республикалык жана жергиликтүү бюджеттерден каржыланат.

2. Республикалык бюджеттен жалпы мамлекеттик мааниге ээ болгон жана алар боюнча жоопкерчилик толугу менен тиешелүү мамлекеттик башкаруу органдары аркылуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө жүктөлүүчү иш-чаралар каржыланат. Бул категорияга төмөнкү чыгымдар кирет:

1) аткаруу жана мыйзам чыгаруу органдарына, мамлекеттик бийликке, финансылык жана салык-бюджеттик иш-аракетке (жергиликтүү органдардын аппараттары менен кошо), тышкы саясий иштерге, фундаменталдуу илимий изилдөөлөргө, план жана статистика кызматтарына, мамлекеттик жана мобилизациялык резервди түзүүгө, жалпы арналыштагы башка мамлекеттик тейлөө кызматтарына;

2) коргоого, коомдук тартипти жана коопсуздукту сактоого;

3) билим берүүнүн, саламаттык сактоонун, социалдык жактан камсыздандырууну жана социалдык жактан камсыздоонун, дене тарбиянын, телекөрсөтүүнүн, радиоуктуруунун, басмалардын, турак-жай коммуналдык, айыл, суу, токой чарбаларынын, балык уулоонун жана аңчылыктын, тоо-кен өнөр жайынын жана минералдык ресурстардын (отундан тышкары), кайра иштетүүчү өнөр жайдын жана курулуштун мамлекеттик ишкана, мекеме күтүүгө;

4) отун-энергетика комплексине;

5) транспортко жана байланышка;

6) экономикалык иш-аракетке байланыштуу башка тейлөө кызматтарына (соода, туризм, стандартташтыруу жана метрология, геодезия жана картография, гидрометеорология жана башкалар);

7) негизи топторго кирбеген башка иш-чараларга (мамлекеттик карыз милдеттенмелери боюнча операциялар, жергиликтүү бюджеттерге гранттар, республикалык бюджеттин эсебинен жумшалуучу негизги топтор боюнча классификацияланбаган башка чыгымдар), ошондой эле бюджеттик ссудаларды берүүгө жана тындырууга, мамлекеттик акцияларды сатып алууга, мамлекеттик менчикти менчиктештирүүгө байланыштуу операцияларды эске алуучу башка чыгымдарга;

8) областтык мамлекеттик администрациялардын, регионалдык архивдердин аппараттарын күтүүгө;

9) мамлекеттик-жеке өнөктөштүк жөнүндө макулдашуулар боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн милдеттенмелерин аткарууга.

3. Каржылоо боюнча жоопкерчиликти Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бөлүшкөн иш-чаралар ушул Мыйзамга ылайык белгиленүүчү трансферттер аркылуу республикалык жана жергиликтүү бюджеттерден каржыланат.

4. Жергиликтүү бюджеттердин каражаттары төмөндөгүлөргө багытталат:

1) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө;

2) билим берүүнүн, саламаттык сактоонун, маданият, социалдык жактан камсыздандыруунун жана социалдык жактан камсыздоонун, дене тарбиянын, телекөрсөтүүнүн, радиоуктуруунун, басмалардын, турак жай коммуналдык, айыл, суу, токой чарбаларынын, балык уулоонун жана аңчылыктын муниципалдык ишканаларын, мекемелерин күтүүгө;

3) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагында болгон транспортко;

4) мыйзам же жергиликтүү бюджеттен финансылануута тийиш болгон жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чөнөмдүк укуктук актылары менен аныкталган башка иш-чараларга, ошондой эле бюджеттик ссудаларды берүүгө жана тындырууга, мамлекеттик акцияларды сатып алууга, муниципалдык менчикти менчиктештирүүгө, жергиликтүү бюджеттен кошо каржылоо каралган мамлекеттик-жеке өнөктөштүк жөнүндө макулдашууларга байланыштуу операцияларды эске алуучу башка чыгымдарга.

*(2010-ж. 28-январындагы №14, 2013-ж. 15-ноябрындагы №201 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**38-статья. Бюджеттик милдеттенмелерди бөлүштүрүү түтүмүнүн түзүмдүгүн жана кошумча каржылоону талап кылуучу бюджеттик программалары аныктоо тартиби**

Ушул Мыйзамдын 37-статьясында белгиленген





мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосунда бюджеттик чыгымдар боюнча милдеттенмелерди кайра бөлүштүрүүгө, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин чечими менен аныкталуучу өзгөчө учурлардан тышкары жол берилбейт. Мындай учурларда ушундай милдеттенмени берип жаткан орган ал милдеттенмени кабыл алып жаткан органга тийиштүү бюджеттик компенсация берүүгө милдеттүү.

Бюджеттик жыл ичинде же бюджеттик жылдардын ортосунда тиешелүү финансылык каржылоо булагы болбой туруп (компенсациясыз) чыгымдардын көбөйүшүнө алып келүүчү ар кандай программаларды же иш-чараларды ишке ашыруу боюнча мамлекеттик бийлик органдарынын иш-аракеттерине тыюу салынат.

*(2004-ж. 20-июлундагы №93 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

## V бөлүм.
## Кыргыз Республикасынын Республикалык бюджетин түзүү жана аткаруу боюнча иштерди уюштуруу

**39-статья. Чыгымдардын эң чоң өлчөмү**

Чыгымдардын эң чоң өлчөмү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Макроэкономикалык жана инвестициялык саясат боюнча координациялык кеңеши тарабынан мамлекеттин финансы мүмкүнчүлүктөрүнөн келип чыгуу менен, ар бир министрлик, мамлекеттик комитет, административдик ведомство, мамлекеттик комиссия, башка борбордук аткаруу бийлик органы боюнча анык эмес жана жогорулатылган суроо-талаптарга жол бербөө максатында бюджеттин орто мөөнөттүү прогнозунда белгиленген ар бир негизги топ боюнча жалпы чыгымдардын чектеринде белгиленет.

Чыгымдардын эң чоң өлчөмү Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан ушул статьянын биринчи бөлүгүндө көрсөтүлгөн органдарга Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилеген календардык планга ылайык кезектеги бюджеттик жылга жана андан кийинки болжол кылынуучу эки жылга бюджетти түзүү жөнүндөгү нускамалык көрсөтмөлөр менен бирге жеткирилет.

*(2004-ж. 20-июлундагы №93, 2008-ж. 17-октябрындагы №226 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**40-статья. Республикалык бюджетти түзүү**

Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин долбоорун түзүү Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекитүүчү календардык планга ылайык республиканын социалдык-экономикалык өнүгүшүнүн прогноздорунун негизинде ишке ашырылат.

Министрликтер, мамлекеттик комитеттер, административдик ведомстволор, мамлекеттик комиссиялар, фонддор жана башка аткаруу бийлик органдары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө баш ийген мамлекеттик уюмдар Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Макроэкономикалык жана инвестициялык саясат боюнча координациялык кеңеш бекиткен контролдук сандардын негизинде республикалык бюджеттен каржылануучу мекемелердин чыгымдарынын жыйынды сметасынын долбоорлорун, атайын каражаттар боюнча кирешелердин жана чыгымдардын сметаларынын долбоорлорун түзүшөт жана тийиштүү финансы жылы башталганга кеминде 6 ай калганга чейин Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине беришет.

Кыргыз Республикасынын судьялар Кеңеши Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун, Жогорку соттун Конституциялык палатасынын, Кыргыз Республикасынын Сот департаментинин, (жергиликтүү соттордун бюджеттерин кошкондо) Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотуна караштуу судьялардын Окуу борборунун кезектеги бюджеттик жылга жана кийинки пландаштырылган эки жылга бюджеттеринин долбоорун карайт, аларды жалпылайт, соттордун бюджеттеринин бирдиктүү долбоору катары кийинки финансы жылы башталганга чейин 8 айдан кечиктирбестен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө макулдашууга жиберет. Кайчы пикирлер келип чыккан учурда Кыргыз Республикасынын Өкмөтү соттордун бюджеттеринин бирдиктүү долбоорун макулдашуу үчүн Атайын комиссияны түзөт. Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Атайын комиссиясынын өкүлдөрү кийинки финансы жыл башталганга чейин 6 айдан кечиктирбестен макулдашуу жолжобосун жүргүзүүгө жана аяктоого милдеттүү. Кайчы пикирлер келип чыккан учурда Кыргыз Республикасынын Өкмөтү Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине жибериле турган республикалык бюджеттин долбооруна Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин сунушун өзгөртүүсүз кошот жана өзүнүн корутундусун тиркейт.

Тийиштүү жылга бюджетти түзүүдө сот системасынын бюджетинин чыгаша бөлүгүнүн көлөмү Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин макулдугу менен гана мурдагы жылдын бекитилген көрсөткүчтөрүнөн төмөн болушу мүмкүн.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги бюджеттик мекемелердин чыгымдарынын сметасынын долбоорлорун, атайын каражаттар боюнча кирешелердин жана чыгымдардын сметаларынын долбоорлорун аталган органдардын өкүлдөрүнүн катышуусу менен карап чыгат, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Бюджеттик комиссиясы белгилеген чыгымдардын эң чоң өлчөмүнүн сакталышын текшерет, зарылдыгына карай тийиштүү түзөтүүлөрдү киргизет, республикалык бюджеттин долбоорун түзөт жана аны тийиштүү финансы жылы башталганга кеминде 4,5 ай калганга чейин Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө бюджеттин кирешелери менен чыгымдарынын статьяларын майда-баратына чейин баяндоону камтыган түшүндүрмө кат, ошондой эле келерки бюджеттик жылга жана андан кийинки болжол кылынуучу эки жылга карата республикалык бюджет жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору менен бирге берет.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү республикалык бюджеттин долбоорун, алардын эскертүүлөрүн

карап чыгат жана аны тийиштүү финансы жылы башталганга кеминде 4 ай калганга чейин Кыргыз Республикасынын кезектеги бюджеттик жылга жана андан кийинки болжол кылынуучу эки жылга карата республикалык бюджети жөнүндөгү мыйзамынын долбоорун Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине берет, ал долбоорго төмөнкү көрсөткүчтөр киргизилет:

1) республикалык бюджеттин долбоору - кирешелердин жалпы суммасы боюнча кирешелердин ар бир булагын айырмалап көрсөтүү менен жана чыгымдардын жалпы суммасы боюнча чыгымдарды айырмалап көрсөтүү менен;

- жалпы арналыштагы мамлекеттик тейлөө кызматтарына (анын ичинде аткаруу жана мыйзам чыгаруу органдарына, финансы жана салык-бюджеттик иш-аракетке, тышкы саясий иштерге, фундаменталдуу илимий изилдөөлөргө, жалпы пландоо жана статистика кызматтарына, жалпы жагдайдагы башка мамлекеттик тейлөө кызматтарына жана башка категорияларга кирбеген) жалпы жагдайдагы башка тейлөө кызматтарына;

- коргонууга;

- Өзгөчө кырдаалдар жана граждандык коргонуу министрлигинин иш-чараларын каржылоого;

- коомдук тартипти жана коопсуздукту сактоого;

- билим берүүгө;

- саламаттыкты сактоого;

- социалдык жактан камсыздандырууга жана социалдык жактан камсыздоого;

- турак-жай-коммуналдык чарбага;

- эс алууну уюштурууга жана маданий иштерге (анын ичинде дене тарбияга, маданиятка, телекөрсөтүү жана радиоуктурууга, басма мекемелери менен кызматтарына жана башка коомдук иш-аракеттерге);

- отун-энергетика комплексине;

- айыл жана суу чарбасына, токой чарбасына, балык уулоого, аңчылыкка;

- тоо-кен өнөр жайына жана минералдык ресурстарга (отундан тышкары), кайра иштетүүчү өнөр жайга, курулушка (анын ичинде тоо-кен чалгындоо иштерине);

- транспортко жана байланышка (анын ичинде автожол, суу, темир жол жана аба транспортуна, түтүк жүргүчтөргө жана ташуунун башка тутумдарына);

- экономикалык жана административдик иш-аракетке байланыштуу башка тейлөө кызматтарына;

- негизги топко киргизилбеген башка чыгымдарга.

Чыгымдардын көрсөткүчтөрү бюджеттик мекемелердин атайын каражаттарынын эсебинен ишке ашырылуучу чыгымдарды жана мамлекеттик чыгымдардын экономикалык жана административдик классификациясына ылайык чыгымдардын негизги статьяларын жана ссудаларды чыгымдардын негизги топторунун, топтору менен кичине топторунун курамында тындырууну алып салуу менен бөлүп көрсөтүү аркылуу чагылдырылат. Бюджеттин чыгымдарынын жалпы көрсөткүчтөрүндө утурумдук чыгымдардын бюджети жана өнүгүүнүн бюджети айырмаланып көрсөтүлөт;

2) республикалык бюджеттин тартыштыгынын эң жеткен өлчөмү жана аны каржылоонун ички жана тышкы булактары;

3) жергиликтүү бюджеттерге Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган жалпы мамлекеттик салыктарды жана башка кирешелерден чегерилүүчү ченемдиктери;

4) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары боюнча категориялык, теңдештирүүчү жана дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын өлчөмдөрү;

5) республикалык бюджет боюнча жыл аягына карата кассалык жүгүртүүдөгү накталай акчанын өлчөмү.

*(2003-ж. 12-июлунун №125, 2003-ж. 25-сентябрынын №216, 2004-ж. 20-июлундагы №93, 2008-ж. 14-февралындагы №14, 2008-ж. 17-октябрындагы №226, 2009-ж. 18-майындагы №157, 2010-ж. 28-январындагы №14, 2013-ж. 6-февралындагы №13 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**41-статья. Республикалык бюджеттин долбоорун Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин туруктуу комитеттеринде кароо**

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин туруктуу комитеттери:

- Кыргыз Республикасынын министрликтеринин, мамлекеттик комитеттеринин, административдик ведомстволорунун, башка аткаруу бийлик органдарынын жетекчилеринин, Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун, Жогорку соттун Конституциялык палатасынын, Кыргыз Республикасынын Сот департаментинин жетекчилеринин алардын сметасы жана бюджети боюнча баяндамаларын угат, алар жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары киргизген бюджет боюнча сунуштарды жана сын-пикирлерди карайт;

- республикалык бюджет боюнча корутундуларды жана сунуштарды даярдап, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна берет.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин туруктуу комитеттери тарабынан бюджеттин чыгымдарын көбөйтүү же кирешелерин азайтуу жөнүндө чечим кабыл алынган учурда аны менен кошо бюджеттин чыгып калган кирешелеринин же көбөйгөн чыгымдарынын кошумча булактары боюнча сунуш да киргизилет.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин туруктуу комитеттери тарабынан бюджеттин долбоорунун каралышы 20 күндүн ичинде бүткөрүлүүгө тийиш.

*(2004-ж. 20-июлундагы №93, 2009-ж. 18-майындагы №157, 2013-ж. 6-февралындагы №13 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**42-статья. Республикалык бюджеттин Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде каралышы жана бекитилиши**

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан киргизилген республикалык бюджеттин долбоорун, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин туруктуу комитеттери менен комиссияларынын корутундуларын карайт жана кезектеги бюджеттик жылга жана андан кийинки болжол кылынуучу эки жылга карата жаңы бюджеттик жыл башталганга бир ай калгандан кечиктирбей республикалык бюджет жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын Мыйзамын кабыл алат.





Республикалык бюджет жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын Мыйзамы:

а) төмөндөгүлөрдү бекитет:

- утурумдук чыгымдардын бюджетин жана өнүгүүнүн бюджетин айырмалап бөлүү менен Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетин - кирешелердин жалпы суммасын жана чыгымдардын жалпы суммасын, ошондой эле бюджеттин тартыштыгынын эң чоң өлчөмүн же болбосо кирешелердин чыгымдардан ашкан өлчөмүн (профицит) көрсөтүү менен;

- бюджеттин тартыштыгын каржылоонун ички жана тышкы булактарын;

- жергиликтүү бюджеттерге Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган жалпы мамлекеттик салыктарды жана башка кирешелерден чегерүүлөрдүн ченемдери;

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары боюнча категориялык, теңдештирүүчү жана дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын өлчөмдөрүн;

- республикалык бюджет боюнча жыл аягына карата кассалык жүгүртүлүүчү накталай акчанын өлчөмүн;

б) төмөндөгүлөрдү аныктайт:

- республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнүн кирешенин ар бир булагы боюнча түзүлүү булактарын;

- чыгымдардын багыттары жана статьялары боюнча ушул Мыйзамдын 40-статьясынын алтынчы бөлүгүндө каралган тартип боюнча республикалык бюджеттин чыгымдарын.

Республикалык бюджет жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын Мыйзамы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынып жана Кыргыз Республикасынын Президенти кол койгондон кийин күчүнө кирет.

Кезектеги бюджеттик жылга республикалык бюджет жана андан кийинки болжол кылынуучу эки жылга карата болжолдуу көрсөткүчтөр жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамы күчүнө киргенден кийин Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жалпы мамлекеттик салыктар жана башка кирешелер контингентин жергиликтүү бюджеттер боюнча бөлүштүрүүнү, ошондой эле республикалык бюджет жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамында бекитилген жалпы чыгымдоолордун чектеринде аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдары боюнча чыгымдоолорду даректүү бөлүштүрүүнү караган кезектеги бюджеттик жылга жана андан кийинки болжол кылынуучу эки жылга болжолдуу көрсөткүчтөрдү аткаруу боюнча уюштуруу чараларын кабыл алат.

Киреше бөлүгүнө кошумча түшүүлөрдү мыйзам чегинде бекитүү үчүн зарыл болгон учурларды кошпогондо, республикалык бюджет жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамына финансы жылы бүткөнгө чейин 3 айдан кечиктирбестен экиден ашык эмес өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилиши мүмкүн.

Күчүнө кириши салыктардын жана республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин башка кирешелеринин тизмесинин жана ставкаларынын өзгөрүшүнө алып келүүчү бардык мыйзамдык жана ченемдик актылар бюджеттик жылдын апрель айынан кечиктирилбей тийиштүү түрдө Жогорку Кеңеш жана жергиликтүү кеңештер тарабынан кабыл алынууга тийиш.

*(2004-ж. 20-июлундагы №93, 2008-ж. 14-февралындагы №14, 2008-ж. 17-октябрындагы №226, 2010-ж. 28-январындагы №14, 2012-ж. 28-июнундагы №90 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**43-статья. Республикалык бюджеттин аткарылышын уюштуруу**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү республикалык бюджеттин аткарылышын Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгы, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик салык жана бажы кызматынын органдары, министрликтер, мамлекеттик комитеттер, административдик ведомстволор, мамлекеттик комиссиялар, фонддор жана Кыргыз Республикасынын башка борбордук аткаруу бийлик органдары, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө баш ийген башка уюмдар аркылуу уюштурат.

Кыргыз Республикасынын республикалык бюджети Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан бекитилген бюджетке ылайык Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин кирешелер менен чыгымдарды бөлүштүрүп жазганы боюнча аткарылат.

Соттордун бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына судьялар Кеңеши жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык башка органдар контролдук жүргүзөт.

Кыргыз Республикасынын сотторунун бюджети Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши бекиткен республикалык бюджетке ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аткарылат.

*(2009-ж. 18-майындагы №157, 2010-ж. 28-январындагы №14 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**44-статья. Республикалык бюджеттин аткарылышын тескөө**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги бюджетте каралган бардык кирешелердин келип түшүшүн, бюджеттик каражаттардын натыйжалуу жана максатына жараша пайдаланылышын камсыз кылат. Ал республикалык бюджеттин аткарылышынын жүрүшүн контролдойт жана ай сайын талдап турат, ар бир кварталдын жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Макроэкономикалык жана инвестициялык саясат боюнча координациялык кеңешине анын аткарылышы боюнча маалымат, ошондой эле кирешелерди толугу менен жумшоо жана бюджеттик каражаттардын пайдаланылышынын натыйжалуулугун арттыруу боюнча айкын сунуш киргизет.

**45-статья. Республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетту түзүү жана бекитүү**

Кыргыз Республикасынын республикалык бюд-

жетинин аткарылышы жөнүндө отчетту Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин, администрациялык ведомстволордун, мамлекеттик комиссиялардын, фонддордун жана башка борбордук аткаруу бийлик органдарынын отчеттук маалыматтарынын негизинде түзөт жана алар республиканын мамлекеттик бюджетинин аткарылышы жөнүндөгү отчеттун курамына кошулуп Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө берилет.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү өткөн жылдагы республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетту бекитүү тууралуу Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун кароо жана кабыл алуу үчүн, ага түшүндүрмө кат менен отчеттук жылдан кийинки жылдын 15-майынан кечиктирбестен Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине берет.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин бюджеттик маселелерди тейлеген Комитеттери Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин аткарылышы жөнүндөгү отчетту карап чыгат, ал боюнча корутунду түзөт жана аны Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйынынын заседаниесинин жана Эл өкүлдөр жыйынынын сессиясынын кароосуна коет.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын, бюджет маселесин тейлеген туруктуу комитеттердин баяндамасы боюнча Кыргыз Республикасынын өткөн жылдагы республикалык бюджетинин аткарылышы жөнүндө отчетту бекитүү тууралуу Кыргыз Республикасынын Мыйзамын карайт жана кабыл алат.

*(2008-ж. 17-октябрындагы №226, 2012-ж. 28-июнундагы №90 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

## VI бөлүм. Жергиликтүү бюджеттерди түзүү жана аткаруу боюнча иштерди уюштуруу

### 46-статья. Жергиликтүү бюджет

**Жергиликтүү бюджет** - айылдын жана шаардын коомдоштугунун жергиликтүү бюджети, аны түзүүнү, бекитүүнү жана аткарууну жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жүзөгө ашырат.

Жергиликтүү бюджеттерди бекитүү жана аткаруу жергиликтүү бюджеттерди теңдештирүү принцибинде ишке ашырылат, анда каралган чыгымдардын көлөмү бюджеттин кирешелеринин суммардык көлөмүнө ылайык келүүгө тийиш.

Бюджеттик жыл ичинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өз бюджетинин балансын камсыз кылууга тийиш.

*(2004-ж. 20-июлундагы №93, 2008-ж. 14-февралындагы №14, 2012-ж. 29-июнундагы №91 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

### 47-статья. Жергиликтүү бюджеттердин долбоорлорун түзүүнүн жана бюджеттик маалыматтарды берүүнүн тартиби жана мөөнөтү

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тийиштүү аймактык бөлүмдөр аркылуу үстүдөгү жылдын 30-майына чейин айыл өкмөтүнүн, шаар башкармаларынын жана шаарлардын мэрияларынын финансылык органдарына бюджетти, календардык планды түзүү, жалпы мамлекеттик салыктардан чегерүүлөрдүн болжолдонгон ченемдерин жана жергиликтүү бюджеттер бөлүштүрүлүүчү категориялык жана теңдештирүүчү гранттардын болжолдонгон өлчөмдөрү боюнча нускамаларды таратат.

Жергиликтүү бюджеттердин долбоорлорун өзүлөрүнүн финансы органдары аркылуу жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдары түзөт.

Жергиликтүү бюджеттин алгачкы долбоору жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органы айылдык жана шаардык кеңештер менен макулдашат.

Макулдашылган жергиликтүү бюджеттин алгачкы долбоору Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин тийиштүү түзүмдүк бөлүмдөрүнө, ал эми райондук, областтык, республикалык маанидеги шаарлар - түздөн-түз Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине берилет.

Жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн долбоору Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине үстүдөгү жылдын 1-июлуна чейин берилет. Жергиликтүү бюджеттин чыгымдоо бөлүгүнүн долбоору Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине үстүбүздөгү жылдын 1-августна чейин берилет. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү республикалык бюджеттин долбоорун Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине бергенден кийин Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги жалпы мамлекеттик салыктарды чегерүүлөрдүн ченемдерин жана жергиликтүү бюджетте бөлүштүрүлүүчү категориялык жана теңдештирүүчү гранттардын такталган өлчөмдөрүн жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарына берет.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдары жалпы мамлекеттик салыктардан чегерүүлөрдүн такталган ченемдерин жана жергиликтүү бюджетте бөлүштүрүлүүчү категориялык жана теңдештирүүчү гранттардын өлчөмдөрүн алгандан кийин жергиликтүү бюджеттин алгачкы долбоорун тактайт жана бекитүү үчүн аны айылдык жана шаардык кеңешке сунуш кылат.

*(2004-ж. 20-июлундагы №93, 2008-ж. 14-февралындагы №14, 2012-ж. 29-июнундагы №91 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

### 48-статья. Жергиликтүү бюджеттердин каралышы

Айылдык жана шаардык кеңештердин бюджеттик комиссиясы башкармалыктардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бөлүмдөрүнүн, муниципалдык ишканалардын жана мекемелердин жетекчилеринин баяндамаларын алдын ала угат, бюджеттин кирешелеринин жана чыгашаларынын өзгөрүүлөрүнө тиешелүү сунуштарды карайт, бюджеттин долбоору боюнча айылдык жана шаардык





кеңештердин корутундуларын түзөт жана сунуш кылат.

Айылдык жана шаардык кеңештер жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарынын жана бюджеттик комиссияларынын баяндамаларын угат жана кезектеги бюджеттик жыл жана андан кийинки болжол кылынуучу эки жылга жергиликтүү бюджеттердин долбоорлорун карайт.

*(2004-ж. 20-июлундагы №93, 2008-ж. 17-октябрындагы №226 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

### 49-статья. Жергиликтүү бюджеттерди бекитүү

Айылдык жана шаардык кеңештер:

жергиликтүү бюджеттерди кирешелердин жалпы суммасында жана учурдагы чыгымдарда бюджетти бөлүгүнүн чыгымдарынын жалпы суммасы жана бюджетти өнүктүрүүнүн, ошондой эле зарылчылык болгондо кирешелерден чыгашалардан ашып кеткен өлчөмдөрүн;

бюджеттик квалификацияга ылайык жергиликтүү бюджеттердин кирешелеринин булактарын жана чыгымдардын багытын;

жергиликтүү бюджет боюнча жылдын аягындагы кассалык акчаны жүгүртүүнүн өлчөмүн бекитет.

*(2004-ж. 20-июлундагы №93 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

### 50-статья. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине бекитилген жергиликтүү бюджеттерди берүү

Белгиленген тартипте бекитилген жергиликтүү бюджет Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине республиканын мамлекеттик (бириктирилген) бюджетине кошуу үчүн Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши республикалык бюджетти бекиткенден кийин эки айдан кечиктирбестен берилет.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги жалпы мамлекеттик салыктардын (суммардык түрдөгү жана ченемдер боюнча) өлчөмдөрүн, республикалык бюджет жөнүндө мыйзамда белгиленген категориялык, теңдештирүүчү, дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын көрсөткүчтөрүнүн бекитилген жергиликтүү бюджетке дал келишин текшерет. Жергиликтүү бюджетте каралган кошумча чыгымдар, эгерде ал жекече киреше булактарынын эсебинен жабылса Кыргыз Республикасынын мамлекеттик (бириктирилген) бюджетине кабыл алынат жана киргизет.

Республикалык бюджеттен, ошондой эле жалпы мамлекеттик салыктардан чегерүүлөрдүн ченемдери боюнча түшүүчү жергиликтүү бюджеттердин кирешелери боюнча өзгөртүүлөр жана тактоолор бир жылдын ичинде Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен негизделүүгө жана макулдашылууга тийиш.

*(2004-ж. 20-июлундагы №93, 2016-ж. 22-июнундагы №83 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

### 51-статья. Жергиликтүү бюджеттерди аткаруу

Жергиликтүү бюджеттердин аткарылышы бекитилген бюджеттердин негизинде түзүлгөн, кол коюлган кирешелерге жана чыгашаларга ылайык казыналыктын регионалдык бөлүмдөрү жана салык кызматынын органдары аркылуу жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органы тарабынан жүзөгө ашырылат.

*(2004-ж. 20-июлундагы №93 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

### 52-статья. Жергиликтүү бюджеттердин аткарылышы жөнүндө отчетторду түзүү жана бекитүү

Жергиликтүү бюджеттердин аткарылышы жөнүндөгү отчетту, эгерде мыйзамда башкача белгиленбесе жергиликтүү өз алдынча башкаруунун тийиштүү аткаруучу органы жылына бир жолу түзөт.

Айылдык жана шаардык кеңештердин бюджеттик комиссиялары бюджеттин аткарылышы жөнүндөгү отчетту карашат, корутунду түзөт жана аны тийиштүү кеңешке берет.

Айылдык жана шаардык кеңештер жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарынын жана бюджеттик комиссиялардын баяндамаларын угат, бюджеттик комиссиянын корутундусун карайт жана жергиликтүү бюджеттердин аткарылышы жөнүндөгү отчетторду бекитет.

Жергиликтүү бюджеттердин аткарылышы жөнүндөгү отчеттор кийинки отчеттук жылдын 1-мартынан кеч эмес мөөнөттө Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине берилет.

*(2004-ж. 20-июлундагы №93 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**53-57-ст.ст.** ***(2004-ж. 20-июлундагы №93 Мыйзамы менен алынып салынган)***

### 58-статья. Ушул Мыйзамды колдонууга киргизүү жөнүндө

"Кыргыз Республикасындагы бюджеттик укуктун негизги принциптери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы расмий жарыяланган учурдан тартып колдонууга киргизилсин.

Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп табылсын:

- "Кыргыз Республикасындагы бюджеттик укуктун негиздери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 1994-жыл, № 2, 52-ст.);
- "Кыргыз Республикасындагы бюджеттик укуктун негиздери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын колдонууга киргизүү тууралу" Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин токтому (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 1994-жыл, № 2, 53-ст.);
- "Кыргыз Республикасындагы бюджеттик укуктун негиздери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү тууралу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 1995-жыл, № 7, 249-ст.);
- "Кыргыз Республикасындагы бюджеттик укуктун негиздери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү тууралу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 1997-жыл, № 4, 156-ст.).

"Кыргыз Республикасындагы бюджеттик укуктун негизги принциптери жөнүндө" Мыйзамдын 53-57-

статьялары Кыргыз Республикасынын тиешелүү мыйзам актылары кабыл алынган жана колдонууга киргизилген учурдан тартып күчүн жоготот.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү:

- ар жылдын бюджеттеринин долбоорлорун даярдоодо фундаменталдык илимий изилдөөлөргө бюджеттин чыгымдарынын статьяларын түзүү сынактык негизде каралуучу өтүнүчтөрдүн негизинде жүзөгө ашырылууга тийиш экендигин эске алсын;

- Кыргыз Республикасынын мыйзам актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирүү жөнүндө сунуштарын эки айлык мөөнөттө даярдасын жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине берсин.

**Кыргыз Республикасынын Президенти**
**А.Акаев**

**Бишкек шаары**
**1998-жылдын 11-июну № 78**

**1998-жылдын 20-мартында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйыны тарабынан кабыл алынган**

**1998-жылдын 8-майында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Эл өкүлдөр жыйыны тарабынан жактырылган**





# БЮДЖЕТНЫЙ КОДЕКС КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

*(Вводится в действие Законом КР от 16 мая 2016 года № 60)*

Настоящий Кодекс устанавливает основы правового регулирования отношений, возникающих в сфере управления государственными финансами в процессе формирования, рассмотрения, утверждения, уточнения и исполнения республиканского, местных бюджетов, бюджетов Социального фонда Кыргызской Республики (далее - Социальный фонд) и Фонда обязательного медицинского страхования при Правительстве Кыргызской Республики (далее - Фонд обязательного медицинского страхования), устанавливает статус участников бюджетного процесса, определяет правовую основу ответственности за нарушение бюджетного законодательства.

## РАЗДЕЛ I. ОБЩИЕ ПОЛОЖЕНИЯ

### *Глава 1. Основные понятия и правовые основы Бюджетного кодекса Кыргызской Республики*

**Статья 1. Бюджетные правоотношения**

К бюджетным правоотношениям относятся:

1) отношения, возникающие в процессе формирования доходов и осуществления расходов бюджетов, осуществления государственных и муниципальных заимствований, регулирования государственного и муниципального долга;

2) отношения, возникающие между участниками бюджетного процесса в процессе формирования и рассмотрения проектов бюджетов, утверждения, уточнения и исполнения бюджетов, контроля за их исполнением, ведения учета, составления, рассмотрения и утверждения бюджетной отчетности.

**Статья 2. Основные понятия и термины, используемые в настоящем Кодексе**

1. В настоящем Кодексе применяются следующие термины и понятия:

1) **администратор ресурсов бюджета** - государственный орган или орган местного самоуправления, а также его структурное, подведомственное подразделение, осуществляющее одну или совокупность функций по начислению, сбору, учету и контролю правильности исчисления, полноты и своевременности уплаты налоговых, неналоговых доходов (ресурсов) бюджетов бюджетной системы Кыргызской Республики;

2) **активы** - имущественные и неимущественные блага и права, имеющие ценовую стоимость, полученные в государственную, муниципальную собственность в результате операций прошлых периодов;

3) **бюджет** - форма образования и расходования денежных средств, предназначенных для финансового обеспечения задач и функций государства и местного самоуправления;

4) **бюджетная резолюция** - основные направления бюджетной политики на среднесрочный период и приоритеты государственного бюджета, определяемые Жогорку Кенешем Кыргызской Республики (далее - Жогорку Кенеш), являющиеся ориентиром для Правительства Кыргызской Республики (далее - Правительство) при разработке им проекта республиканского бюджета;

5) **бюджетная система** - система отношений, регламентируемая нормами права, возникающих в ходе осуществления бюджетного процесса, а также основанная на экономических отношениях и государственном устройстве Кыргызской Республики совокупность республиканского и местных бюджетов, бюджетов Социального фонда и Фонда обязательного медицинского страхования;

6) **бюджетная смета** - документ, определяющий объем доходов и расходов бюджетного учреждения в соответствии с бюджетной классификацией с поквартальной разбивкой;

7) **бюджетное обязательство** - обязанность получателя бюджетных средств обеспечить выполнение определенных задач в соответствии с нормативными правовыми актами о бюджете, договором или соглашением;

8) **бюджетное учреждение** - это государственный орган, орган местного самоуправления или учреждение, созданное государственным органом или органом местного самоуправления для осуществления управленческих, социально-культурных, научно-технических или иных функций некоммерческого характера, деятельность которого финансируется за счет средств соответствующего бюджета;

9) **бюджетные ассигнования** - денежные средства, предусмотренные бюджетом на соответствующий год для исполнения бюджетных обязательств согласно его распределению;

10) **бюджетный кредит** - денежные средства, выделяемые из республиканского бюджета и местного бюджета получателям бюджетных средств на условиях возвратности, срочности и платности;

11) **бюджетный процесс** - регламентированная законодательством Кыргызской Республики деятельность по формированию и рассмотрению проектов бюджетов, утверждению, уточнению и исполнению бюджетов, ведению учета и составлению отчетности, финансовому управлению и контролю;

12) **главный распорядитель бюджетных средств** - государственный орган или орган местного самоуправления, определенный нормативным правовым актом о бюджете, наделенный полномочиями по распределению бюджетных ассигнований между распорядителями и получателями бюджетных средств;

13) **государственная гарантия** - письменное обязательство, которым Правительство обязуется перед кредиторами полностью или частично погасить задолженность при неисполнении или ненадлежащем исполнении в установленный срок обязательств заемщиком;

лики и распространяются на всех участников бюджетного процесса.

2. Нормативные правовые акты, приводящие к изменению доходов и (или) расходов бюджетов бюджетной системы Кыргызской Республики, принятые после дня внесения в Жогорку Кенеш (местные кенеши) проекта нормативного правового акта о бюджете, должны содержать положения о вступлении их в силу не ранее 1 января, следующего за очередным бюджетным годом.

**Статья 5. Согласование проектов нормативных правовых актов**

1. Проекты нормативных правовых актов Кыргызской Республики, в которых отражаются вопросы, касающиеся бюджета и государственных финансов, в обязательном порядке согласовываются с уполномоченным государственным органом.

2. Проекты законов об изменении финансовых обязательств государства; об увеличении расходов бюджета, финансируемых из республиканского бюджета, либо о сокращении его ресурсов принимаются только с согласия Правительства.

3. Проекты нормативных правовых актов по вопросам, касающимся бюджета судебной системы, подлежат обязательному согласованию с Советом судей Кыргызской Республики (далее - Совет судей).

## РАЗДЕЛ II. БЮДЖЕТНАЯ СИСТЕМА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

### *Глава 2. Общие положения*

**Статья 6. Принципы бюджетной системы Кыргызской Республики**

1. Принцип единства означает:

1) единство бюджетного законодательства Кыргызской Республики, основ организации и функционирования бюджетной системы Кыргызской Республики, форм бюджетной документации и отчетности, Бюджетной классификации Кыргызской Республики (далее - Бюджетная классификация), санкций за нарушение бюджетного законодательства Кыргызской Республики;

2) единый порядок установления, формирования и исполнения доходов и осуществления расходных обязательств бюджетов бюджетной системы Кыргызской Республики, ведения бухгалтерского учета и составления отчетности бюджетов и бюджетных учреждений;

3) зачисление всех ресурсов бюджета и осуществление всех расходов бюджета с единого казначейского счета, за исключением операций по исполнению бюджетов, осуществляемых за пределами Кыргызской Республики.

2. Принцип полноты означает отражение в бюджетах в обязательном порядке и в полном объеме всех доходов и расходов, предусмотренных законодательством Кыргызской Республики.

3. Принцип результативности и эффективности означает, что формирование и исполнение бюджетов осуществляется исходя из необходимости достижения предусмотренных на предстоящий период целей с привлечением минимального объема средств или достижения максимальных результатов с использованием имеющихся в распоряжении бюджетных средств.

4. Принцип приоритетности означает формирование бюджетов в соответствии с ориентирами, определенными в Бюджетной резолюции Жогорку Кенеша и программ социально-экономического развития Кыргызской Республики и ее регионов.

5. Принцип последовательности означает проведение государственными органами и органами местного самоуправления единой фискальной политики и соблюдение ранее принятых решений в сфере бюджетных правоотношений.

6. Принцип самостоятельности бюджетов означает:

1) закрепление за соответствующими бюджетами собственных источников доходов на постоянной основе;

2) право государственных органов и органов местного самоуправления на самостоятельное определение направлений использования средств в соответствии с бюджетным законодательством Кыргызской Республики, за исключением целевых межбюджетных трансфертов;

3) право и обязанность государственных органов и органов местного самоуправления самостоятельно обеспечивать сбалансированность бюджетов и эффективность использования бюджетных средств.

7. Принцип ответственности участников бюджетного процесса за нарушение бюджетного законодательства предусматривает ответственность каждого участника бюджетного процесса за свою деятельность, за достоверность финансовой информации и нецелевое использование выделенных на возвратной или невозвратной основе, несвоевременное зачисление и перечисление бюджетных средств.

8. Принцип прозрачности предусматривает открытость информации при формировании, рассмотрении, утверждении, уточнении и исполнении бюджетов, другой информации, касающейся бюджетной политики государства, за исключением сведений, содержащих государственную или иную охраняемую законом тайну.

9. Принцип сбалансированности бюджета означает, что объем предусмотренных расходов бюджета должен соответствовать суммарному объему ресурсов бюджета.

**Статья 7. Бюджетный год**

Бюджетным годом на территории Кыргызской Республики является промежуток времени с 1 января по 31 декабря включительно.

**Статья 8. Бюджетная классификация Кыргызской Республики**

1. Бюджетная классификация представляет собой группировку доходов, операционных расходов, поступлений в бюджет и расходов, связанных с операциями с государственными (муниципальными) финансовыми и нефинансовыми активами и обязательствами, используемых для формирования и исполнения бюджетов, составления бюджетной отчетности, обеспечивающих сопоставимость показателей бюджетов бюджетной системы Кыргызской Республики, а также унификацию форм бюджетной статистики и их сопоставимость с международными показателями.

Бюджетная классификация является частью Единого плана счетов для сектора государственного управления.

2. Бюджетная классификация подразделяется на:

1) классификацию доходов;

2) экономическую классификацию расходов;

3) классификацию операций с активами и обязательствами;

4) функциональную классификацию;

5) ведомственную классификацию;

6) программную классификацию.

3. Классификация доходов бюджетов Кыргызской Республики является группировкой доходов бюджетов и основывается на законах и иных нормативных правовых актах Кыргызской Республики, определяющих источники формирования доходов бюджетов.

4. Экономическая классификация расходов является группировкой расходов бюджетов в зависимости от экономического содержания операций, осуществляемых в секторе государственного управления.

5. Классификация операций с активами и обязательствами содержит коды для всех денежных операций, связанных с активами и обязательствами. Операции с активами и обязательствами делятся на денежные поступления и денежные выплаты с соответствующей кодификацией.

